Турар Кожомбердиев

# КЫЛ ЧОКУЛАР



Турар
Кожомбердиев

# КЫЛ ЧОКУЛАР

Фрунзе
«Кыргызстан»
1988

К 58
84 Ки 7—5

**Кожомбердиев Турар.**
К 58 Кыл чокулар: Ырлар /Сүрөтчүсү А. Ерошенко. — Ф.: Кыргызстан, 1988.— 172 б.
ISBN 5-655-00138-1

Акын Турар Кожомбердиев жыйырмадан ашуун китептердин автору. Анын ысмы жалпы кыргыз окурман коомчулугуна кеңири белгилүү. Акындын бул жаңы жыйнагы, кыргыз жергесинин кооздугун, алп Жер-Эненин жоомарттыгын даңазалоо менен бирге бүгүнкү күндүн жаңы адамынын жаңыча ойлоосунун сан кырдуулугун өз ичине камтыган.

К $\frac{4702280200-170}{М 451 (17)-88}$ 149—88 **ББК 84 Ки 7—5**

Рецензенти филология илимдеринин кандидаты *Салижан Жигитов*

Сүрөтчүсү *А. Ерошенко*

ISBN 5-655-00138-1

© «Кыргызстан» басмасы, 1988-ж.


ЖАЗДЫН
ДЕМИ

## АК ЖОЛ КААЛОО

Турмуш жүгүн мойнуңа үйүп алып,
Тууган жерди маңдайынан сүйүп алып,
Түркүн-түркүн элдерди
кыдыр ырым
Түйүнчөгүң жонуңа түйүп алып!

## ШАШКАН БУЛУТТАР

Булуттар — аппак канаттай.
Булуттар — актай барактай.
Кызматтан калчу немедей
Кыр ылдый түштү таң атпай.

## СҮЙГӨН ШААРЫМ

Сурайын,
суранууга акым болсо.
Суктанат дайым сага —
акын болсо
Азыраак кечирип кой, сүйгөн шаарым
Айыл жак, сенден бир аз жакын болсо...

Көркөмүң көңүлүмдү багындырат,
Көйкөлтүп күндүн нурун чагылдырат.
Көчөңдү канча жакшы көрсөм дагы
Көбүрөөк айыл тарап сагындырат.

Айылга сагындырып барганданбы?
Азыраак калаа чуусун танганданбы?
Ал жакта дайым болом кыялымда
Ай тийген балалыгым калганданбы?..

Кечиргин, сүйгөн шаарым суранамын
Келбетиң кулпунганда кубанамын.
Айылга жетсем деймин сенде жүрсөм —
Айылдан сага жетпей убарамын.

## УЧУРСАМ БИР БҮРКҮТТҮ

Өзүн дагы,
Өзгөнү да тынчытпай.
Өйдө-төмөн
Учат ырлар чымчыктай.

Колдон келсе,
Таранчыдай жайнатпай,
Колдон келсе,
Элдин көөнүн кайнатпай...

Чырпык эмес,
Өстүрсөм бир түркүктү!
Чымчык эмес
Учурсам бир бүркүттү!

## ҮШКҮРБӨ

Биротоло
Дүйнө калса мүшкүлдө...
Бир тирүү жан
Калабы жер үстүндө?
Титиребей тизелериң калтырап...
Тик тур ырым!
Күрөш ырым!
Үшкүрбө!

## ЧОКУЛАР ЖАНА БҮРКҮТТӨР

Чочутуп күндү дагы
Бийик, учтуу!
Чокулар
Җашаш үчүн коркунучтуу.

Бүшүркөп башын ийбес
Бороон — карда,
Бүгүлбөс бүркүттөр бар
Чоку барда.

Бүркөлтүп салган өңдүү
Күндүн бетин,
Бүркүттөр конбой калса
Чоку жетим.
Чокулар аркайышат
Сүрдүү токтоо.
Бүркүттөр — бүркүт эмес
Чоку жокто.

## ЖОЛДОШТОЙ ОТ

Караңгы каралыктын ордосундай
Капшырат салмак таштап коргошундай
Кайрымсыз талаадагы...
күйгөн оттор
Кадимки кыйып кетпес жолдошуңдай.

Самтырап....
Түн тарай элек ордосунан
Салмагы...
Айрып алгыс коргошундан.
Алоолоп!..
Күйө берсин мээримдүү от...
Ажырап калгым келбейт жолдошумдан.

## БӨКСӨРБӨГӨН АЛА-ТОО

Баары турат улуу тоодо бөксөрбөй,
Баягыдай берекеси бөксөрбөй
Бар болгону
кулак угуп каңырыш
Баштагыдан начарлаган...
көз көрбөй.

## ЖЕЛБИРЕГЕН ЖЕЛЕКТЕР

Жаркырап айлыбыздын теректери —
Жарыктын жерге сайган желектери!

Жайнаган жалбырагы жыбырашып
Жаткандай бир-бирине шыбырашып.

Шаңданып куштар конот бутагына
Шамалдын куушурулат кучагына

Көкөлөйт айлыбыздын теректеги —
Көңүлдүн алмаштырбас керектери.

## КЫРГЫЗ КҮНҮ

*Чыңгыз Айтматовго*

**1**

Азияны, Американы аралап
Жада калса шүүдүрүмгө каралап...
Кучагына кылымдарды камтылтып
Кыргыз күнү ай-ааламга таралат.

Карай бербей үй оокатка күймөлүп,
Калтырабай, тоскоолдордон ийменип —
Кызыктырып ширесине тамшантып
Кыргыз күнү болуп кеткен дүйнөлүк.

Самоо менен сагынычтар жеңгенде
Сапар жолу, санааларды бөлгөндө
Жыргай түшөм, өз үйүмдө жүргөндөй
Так төбөдөн, кыргыз күнүн көргөндө.

Бийик-бийик ашуулардан өтүптүр
Бир эл эмес, бүт элдерге жетиптир.
Жалгыз эне төрөсө да бир кезде
Жалпы баарын нурлуу кылып кетиптир.

II

## МОКОБОС ЭРК

Суктанамын мен ушундай мүнөзгө:
Ыкшоо тартып жатып албай күнөскө,
Жаңы гана бүтөр менен күрөшүп
Жаалданып чыккан жаңы күрөшкө.

Таңданамын мен ушундай мүнөзгө:
Табым жок деп жатып албас күнөскө,
Азыр гана бүтөр менен кармашып
Андан катуу багыт алган күрөшкө.

Толгон түйшүк күтүп турат жарданган
Тоодой-тоодой жеңишине шаңданган
Ашар замат жаңы гана чокуну
Андан бийик максаттарга камданган.

Суктанамын мен ушундай мүнөзгө:
Ыкшоо тартып жатып албай күнөскө,
Жаңы гана бүтөр менен күрөшүп
Жаалданып чыккан жаңы күрөшкө.

III

## ТАҢГАЛДЫРГАН БИЙИКТИК

Кыздарды да,
жигиттерди дегдеткен
Кыял жеткис бийиктиктер сен жеткен.
Саматтырып жүрөктөрдү дегдеткен
Санаа жеткис бийиктиктер сен жеткен.

Кыл чокуга суктанамын,
сен жеткен
Кыргыз демек,
күчкө толгон —
эр жеткен!

## САЛАМ САГА, ЖАШ ДҮЙНӨ!

Калбайын деп жалпы санаттан,
Канча күндөр өттү жадаткан.
Караманча танып бейкутту
Качкың келет көнгөн адаттан.

Калбайын деп жүрүп өөдөдөн,
Каңгып кетти өмүр бөөдөдөн.
Кара шумкар аргымак минип
Качкың келет көнгөн чөйрөдөн.

Жалкоолукка пейли кас дүйнө
Жан бактыга жайы аз дүйнө!
Салаңдаган курсакты жерип
Салам айтам, сага жаш дүйнө!

Кадамыңды кербей арыштап
Карын үчүн жашап, карыштап.
Кебелбеген тыптынч турмуштан
Кетким келди такыр алыстап!

## ТАГЫ КАЛДЫ

Булуттар жылкылардай барат үркүп,
Буюгат көктүн бети жалын бүркүп.
Калдайган заводдогу түтүк — түркүк
Казандай, кара көөсүн көккө бүркүп —
Аңгыча ак сүлгүгө жетип барып
Арбайган кир колдорун алды сүртүп.

Күн дагы күңүрттөдү асмандагы
Күтүүсүз басаңдады торгой шаңы.
Апакай ак булуттун маңдайында
Кирдеген беш манчанын тагы калды.

## ЧААЛЫККАН ЖЕЛ

Жел бүгүн кайда гана барганы жок?
Желпилдеп ойноп келди арманы жок.
Энтигип жалбыракка жатып калды
Эмгектеп жылганга да дарманы жок.

Куюндап кайда гана барганы жок?
Кутуруп ойноп жүрдү арманы жок.
Коктуга жатып калды төрт аяктап
Козголуп койгонго да дарманы жок.

Кыдырып кайда гана барганы жок?
Кызыктуу күн өткөрдү арманы жок.
Кылтыйып уктап калды көк шиберге
Кыймылдап койгонго да дарманы жок.

## ТАРТЫП ТУРАТ КАРЕКТИ

Бирде тымтырс, бирде турмуш шар! этти
Билип турат тагдыр биздин даректи
Тайгаланып максатыңан тайба деп
Тартып турат горизонт жак каректи...

Тагдыр түшөт айкүр, табаа, чигинен
Оңко болуп, кээде турат тигинен.
Айрылба көз горизонттун нурунан
Айрылба кол келечектин жибинен...

## КАНАТ БҮТӨТ

Коңултуктайм, койгондой үмүт алдап,
Колтукта жан жолдошум — эки балдак.
Телмирип тиктеп турам терезени,
Тентегим Акылайды.
Анан дагы күтөм сени.

Көчөдө элдер тынбай агылууда.
Айнекке күндүн нуру чагылууда.
Жүз жылы көрүшпөгөн сыяктанып,
Жүрөгүм экөөңөрдү сагынууда.

Бирөө нанга баратат, бирөө тузга,
Бирөө тайып жыгылат жылтыр музга.
Жүлүндөн түтүн чыгып капысынан,
Жүгүргүм келип кетет, чыгып тышка!

Дүйнөдө жашоо суусу — шаркыраган,
Дүкөндөр, имараттар жаркыраган!
Карасам абалымды, айырма жок,
Канаты жараланган каркырадан.

Өрт кетип кыялымдын барасында,
Өрөпкүү алдастаган санаасында.
Эшикте баары жыргап, баары куунап,
Бир гана мен жоктоймун арасында.

Ой тоосу тегерете тегиз бүтөп,
Ошентип өчөөрүмдө түтөп-түтөп.
Каргадай Акылайым кирип келсе,
Кайрадан жүрөгүмө канат бүтөт.

# ЖАЦЫЛАНУУ

Сүтүң дагы
Коюу чыга баштады.
Түтүн дагы
Коюу чыга баштады.

Улаксыздар
Койлуу боло баштады.
Уятсыздар
Ойлуу боло баштады.

Тиши жоктор
Тиштүү боло баштады
Иши жоктор
Иштүү боло баштады.

«Ала күүнүн»
Шылкылдагы бастады
«Ак чүчтөрдүн»
Шыңкылдагы бастады.

Айрым чалдар
Улуулугун эстеди.
Айрым жандар
Сулуулугун эстеди.

Айрымдары
Сакалдарын эстеди,
Айтып жүргөн
Макалдарын эстеди.

Айрымдары
Гүлдү тааный баштады
Айрымдары
Күндү тааный баштады.

Айрымдары
Дале турат маң болуп
Арагы жок
Кең дүйнөгө таң болуп.

Ушундай да
Болобу деп ойлонуп,
Уйкусунан
Бирөө жатат ойгонуп.

Сүтүң дагы
Коюу чыга баштады
Түтүн дагы
Коюу чыга баштады.

## НАМЫС НААМЫ

Үндөбөй жигиттик турса басынып,
Үңкүрдө бийиктик турса жашынып.
Наамына жарака түшүп айыкпас
Намыстын өлгүсү келет асылып.

## ЭСТЕЛИГИ БААТЫРДЫН

Эстеликтин ичте бардай арманы,
Былк! этүүгө жетпейт анын дарманы.
Учурунда ажал корккон азамат
Учуралбайт төбөсүнөн карганы.

## ӨКҮТТҮҮ ДҮЙНӨ

Өгүздү союш үчүн... айдап барат
Өчөйгөн арабага байлап барат.
Өксүктүн
өлүм менен жумушу жок
Өлөң чөптү жайма-жай чайнап барат...

## ТҮШҮНҮШӨӨР

Кучагын ачпай турмуш кененирээк,
Кулагы болсо дагы кереңирээк,
Жаралып бизден кийин келген муундар
Жашоого түшүнүшөөр тереңирээк.

## КАРЕКТЕГИ ЧЫНДЫК

Калтырак жүрөгүмдү ороп кетти
Кайгыдан кайран өмүр короп кетти.
Жарыктык — караңгыны көкөлөтсө
Караңгы — жарыктыкты тоноп кетти.

## ҮЗҮЛГӨН МАНДАЛАК

Жел дагы тартпагандар салакаңды
Жек көрүп карап турдум алаканды...
Эмнеге үзүп алдым наристени?
Эстеткен кызыл эттүү балапанды.

## ӨРТТӨЙ УЧКУЛ АРГЫМАК

Кайнап турган жаштык деми канында
Карап турдум аргымактын жанында
Өкүндүрүп көргөндөрдүн жүрөгүн
Өчпөй турган тамгасы бар санында.

## ДОСТУК КОЛУ

Кан досуңдун каректери тешилип
Таянч таппай, турган чагы эзилип.
Кан жутканда сунулбаган дос колу
Калса мейли каруусунан кесилип!

## ТОЛГОН КУРАК

Бир эрдин
Келет жоону сындыргысы.
Бир шердин
Келет тоону жылдыргысы.

## «КАТ» ТАРАТКАН ШАМАЛ

Таратат шамал
Күздүн жазган каттарын.
Бирок билбейт
Эч биринин аттарын.

## ТҮСПӨЛДӨШӨТ ТООДАККА

Күн батарда
Көзүм түштү тоо жакка
Күмүш түстүү кайыңдар
Түспөлдөшөт тоодакка.

## ТҮЙШҮК ТҮШСӨ

Келгенде
Эл башына кыйынчылык...
Керт баштын
 муктаждыгы —
тыйынчалык.

## ДҮРКҮРӨГӨН КОЛ ЧАБУУ

Адал иштеп, мээнеттен жаккан жакшы.
Абийир менен атакты тапкан жакшы.
Шакабалап колду чаап токтотпончо
Шак эттире жаакка чапкан жакшы.

## КЫЗМАТ АКЫ

Тоо деп торгой
Өмүр бою сайрады
Тоолук мерес
Торойто атып жайлады.

## ЖҮРГҮМ КЕЛБЕЙТ

Жеңилбейм, чегинемин кезегинде.
Жеңилдин жүргүм келбейт эсебинде.
Абийирдин кала берип этегинде...
Алптын да, жүргүм келбейт жетегинде,

## ЖАШОО КУМАРЫ

Бир паска да эс алышпайт тынышып,
Бутактары бороондордо сынышып.
Жамгыр издеп, жарык издеп дарактар
Жанталашат жашаш үчүн тырышып.

## ДАРМАНСЫЗ КҮЗ

Кунарсыз... куурап баары калдырады.
Күчүнөн күз тайыды, жалдырады.
Дармандуу шамал менен бирге кетти
Дарактын жалгыз жашыл жалбырагы.

## МИҢ ЖАШАГАН ТООЛОРДО

Мизинде —
Кандайдыр бир жагымдуулук.
Миң жашаган тоолордо
Сабырдуулук.

## ҮЧӨӨБҮЗ

Үмүт,
жүрөк,
үчөөбүз.
Үшкүрүнүп бүтөбүз.
Дайыны жок жарыктын
Дале-дале күтөбүз...

## ЖОЛДОГУ ТАШ

Отузунда ойсоңдойсуң жаш болуп,
Оюн-шооктун ширесине мас болуп.
Айкын жолдо жатканыңды билсеңчи,
Абийирдүүлөр бутун урган таш болуп.

## БИР ТҮП КАЙЫҢ

Толкутуп жүрөгүмдү келет дайым
Тоорулуп бир башкача көргөн сайын
Толтура... дарактардан баш айланат...
Токойду токой кылган бир түп кайың.

## АТАКТЫН АЗАБЫ

Аркы-терки бурай берип,
Автограф сурай берип,
Ар кадам сайын бастырбай
Акынды коюшту жаздырбай

## ДӨӨЛӨТ ЧЕНИ

Автобуска түшкөндөр —
жөө жүргөнсүйт.
Ак «Волгага» түшкөндөр —
Төө мингенсийт.

## САМОО

Тоолор самайт,
Эң бир бийик болууну.
Бүркүт самайт,
Ага жетип конууну.

## ТАТААЛ ДҮЙНӨ

Ар дайым убарамын,
Албырам...
кубарамын.
Кубансам кайгырамын.
Кайгырсам кубанамын.

## ДЕГДЕГЕНИМ

Ар бир күн,
Мага болгун ачылыштай.
Ар бир күн,
Мага болгун жаңылыктай.

## ОТТУН ГҮЛҮ

Калчылдаткан
Кайрымсыз кыштын түнү.
Кандай сүйкүм
Албырган оттун гүлү!

## ЖАЗГЫ АЙДОО

Жабыркайт
Жер бети жыйрылып...
Жарааты
Кеткендей сыйрылып.

## ЖЫПАР ГҮЛ

Гүлдү жыттап ахалайсың кубанып,
Гүл тууралу алкыш сөзүң чубалып,
Күн куйкалап, аптап күчөп турганда
Гүлдү бир маал койдуң беле сугарып?

## АДИЛЕТСИЗ СЫН

Адилетсиз сын —
Алсыздарды кыйратат
Алптарды —
Ого бетер чыйралтат.

## МАЖБУРЛАЙТ

Сулуулук —
Мажбурлайт кушту сайраганга.
Назиктик —
Мажбурлайт гүлдү жайнаганга.

## ЖАЛГЫЗДЫК

Тулпар жалгыз,
Качырлардын тобунда.
Шумкар жалгыз,
Каргалардын тобунда.

## КҮЙГӨН ОТТОЙ

Тырнактай да бизден коркпой
Тыйын чычкан ыргыйт топтой.
Кыймылы тез — аткан октой
Кызылдыгы — күйгөн оттой.

## ТОМОЛОНОТ ШҮҮДҮРҮМ

Тоо булагы
Атылып көктү карай
Томолонот шүүдүрүм
Чөптү карай.

## КАШКАЙГАН ЖЫЛДЫЗДАР

Кашкайса
Жылдыздар «пардасыз»
Кадалат
Карегиң аргасыз.

## БҮДӨМҮК НУР

Асты жак
Күүгүмдөнсө карарганcып,
Арка жак
Шоолаланат агаргансып.

## КЫЙЫНЧЫЛЫК ТҮШКӨНДӨ

Топ каздар
Учуп кетти жаркылдаган.
Торгойлор
Учуп кетти шаңкылдаган.
Жайдагы
Канаттуунун баары кетти,
Жанында
Карган калды каркылдаган.

## ЫРК КЕТКЕНДЕ

Көтөралбай башындагы ырысты
Көп бир тууган бирин-бири кырышты.
Кудуңдады муну көрүп душманы
Кубанычын билдирбөөгө тырышты.

Ала бакан, найзалары сынышты,
Алдан-күчтөн тайыганда тынышты.
Ошо маалда күтүп турган душмандар
Ойрондорду каалашынча кырышты.

## БИЙИКТЕГИ ЖАПЫЗДЫК

Өтпөй турган жерлерден,
Өтүптүрсүң.
Жетпей турган жерлерге,
Жетиптирсиң.
Бийикке чыгып алып —
Бийик болбой.
Бирок сен,
жапыз болуп кетиптирсиң.

## ДУБАЙ САЛАМ

Тоодон ылдый
Кыз добушу жайылган...
Тоолук жигит
Ырдын жообун кайырган
...Дубай салам
Жибербесең ыр менен
Дудуктардан
Кандай сенин айырмаң?

## ЭР ТАГДЫРЫ

Керт башы үчүн
Ишке барбай көмүскө.
Керек болсо,
Туура келет өлүшкө,

Мүдүрүлтүп,
Акты-кара деп турса,
Мүмкүн эмес
Тирүү туруп көнүшкө.

Эбегейсиз
Жоо күчүнөн жеңилип,
Эрдин башы,
Чаңда калаар тебилип.
Майтарылбайт
Бирок эрки жигиттин —
Максатынан
Көргөн эмес чегинип!

Кан тамырда
Турган чакта жүгүрүп,
Калса дагы,
Жашоосунан түңүлүп.
Кулап түшөт!
Бийик бойдон теректей.
Кулдук урбайт,
Талдай болуп жүгүнүп!

## ЖАЙЫЛАТ КОЮ БИЙИККЕ

Ченеминен ашырбаган таламын,
Челегине куюп алып чалабын.

Күңүрт баспайт оңой менен оюнду,
Күндү көздөй айдап алып коюнду.

Окшойт тоолор сүзүп чыккан кемеге,
Оолак калды оту күйгөн кемеге.

Сансыз койду айдап барат жайганы,
Салып-уруп ээрчип барат тайганы.

Оюнда жок кымындай да жамандык,
Ойлогону үй-бүлөсү амандык.

Баштагыдай ыкчам эмес басканда,
Бараткансыйт түптүз чыгып асманга.

Күн көрүнөт чокулардын учунан,
Нур төгүлөт сансыз койдун бутунан,

Сугун артпайт эч бирөөнүн даңкына,
Бир максаты туяк калсын артына.

Чогуу малда, кыз күйөөсү жетилген,
Чочмор баштуу таяк кармап четинден.

Чойт! — деп койсо айгайлабай, кыйкырбай,
Анын койлор тилин угат, сыйкырдай.
Койлор тоого жылып барат булуттай,
Койчусу сак, көз ирмем да унутпай.

## АЯНЫЧТУУ СЕЗИЛЕТ

Көпөлөктөй ак лента бар чачында,
Көргөн эмес борбор шаарды башында,
Ыйбаа кылып,
коомай басат жаш селки
Ыйык көрүп көчөлөрдүн ташын да.

Он алтыга жетелектей курагы,
Окуу десе жанын берген убагы.
Туш тарапта машинанын добушу
Тунуп кетти жаңырыктан кулагы.

Күн кылкылдап жакын калды батууга,
Турмушунда туш бололек катууга,
Жада калса тааныш эмес бир көчө
Жадегенде уя жок баш катууга.

Қирсиз жанга ким алдынан кезигет?
Қиргилдерден аман өтсүн тезирээк.
Татына кыз таалай издеп келаткан,
Таранчыдай аянычтуу сезилет.

## БУЛАК ЖОЛУ

Бейкуттукта
асман дагы, жер дагы,
Җатат уктап жада калса жел дагы.
Җан дүйнөңдү ыр жамгыры жашартып
Җарым түндө жазып жаттың сен дагы.

Җетишинче,
болушунча
кубаттын
Изденүүгө
берет баардык убактын
Тайгаланып
таман жооруп,
талыгып!..
...Таш аркылуу
өтөт жолу булактын!

## АЭРОПОРТТО

Сен сүйгөн аэропортко жеңең келди,
Сексенге жакындаган энең келди.
Сагынып сен күткөн күн,
биз күткөн күн.
...Салынып таш табытка —
денең келди.

## ЭМНЕ СЕБЕП

Кучак жекткис келбетине карабай
Кулап түштү ошол күнү карагай.
Айланасы тунжурады томсоруп.
Аяң жүрдү:
«Бороон кетти коңторуп!»

Эл да күбө.
Күбө болом мен дагы.
Бороон эмес,
Болгон эмес жел дагы.

## НУРУ КАЛДЫ ЖЫЙНАЛБАЙ

Аны-муну дегичекти буйдалбай
Ашып өттү
Күн чокудан, кыйналбай.
Бириндеген булуттардын койнунда
Бирок нуру —
калып калды жыйналбай.

## КӨКӨЙДӨГҮ СУРОО

— Көктү неге
Бүркүт калган пааналап?
— Көрүш үчүн
Алыстыкты дааналап!

## АЛБУУТ ТОЛКУН

Өрдөп туман, келип түнкүсүн
Өчүрүүдө көлдүн күлкүсүн.

Аскаларды толкун ургулап
Арасынан өтөт бургулап.

Токтотпостон күчтүү бүркүшүн
Толкундардын көрөм үркүшүн.

Бир башкача зоодон кулашы.
Бир азыраак катуу обдулса
Бизге жеткен турат кулачы!

## АСКАЛАР — ДАНСЫЗ СОТОДОЙ

Күн нуру төгүлүп,
Күрткүлөр сөгүлүп,
Ачыткан камырдай
Айдоолор көбүрүп.

Аскалар улуйт
Бótодой
Ак карсыз калып
Сотодой.

## КӨЛ ҮСТҮ

Көлдүн үстү
Тегиз эле тактайдай.
Көлдүн үстү
Ак чардаксыз —
актайдай.

...Көл үстү
Кызыл түстүү эрин окшойт.
Көл үстү
Кызыл жүздүү келин окшойт.

## САКТАЛАТ

*Жалил Садыковго*

Ар бир иштин
Акыйкаты такталат.
Алгырмын! деп
Карга дагы мактанат.
Жоргомунбу?
Жортокмунбу ким билет?
Жоруларды
Жек көрүшүм сакталат.

Ар ким келип
Өз алдынча актанат.
Акыр келип
Акыйкаттык такталат.
Жамгырмынбы,
Шамалмынбы ким билет?
Жазга болгон
Махабатым сакталат.

## ЖИГИТ ЧАКТЫ ЭСКЕРИП

Ээлендирип жүрөк «дартын» ырбатып,
Эч себепсиз махабатты ырдатып,
Шибер кечип бараткандай жайлоодо
Ширин ойлор мени барат жыргатып.

Бет алдыдан согот күздүн шамалы,
Бечаранын түшүп калган таманы,
Кызыл-тазыл жалбыракты үзгүлөп
Кыш келатат баарысынын жаманы.

Аз-аз калды күн уяга батаары,
Азыр күмөн түндө кайда жатаары,
Бакыт кушун издеп жүргөн убагы
Башын салбай көп жигиттер катары.

Балким жакын калган чыгаар бактысы,
Бардыгына жетпей калаар чактысы,
Океандай санаасына көз жетпей
Ошондогу ойлорунун таттуусу.

Келгин кушту жылуу жактар чыкырды.
Кең көчөгө калтырбастан кыпынды.
Күчтөн тайып калгычакты тажабай,
Күзгү шамал тыным албай шыпырды.

Көмүскөдөн улар кээде ышкырат.
Көмүр түтүн айлананы ыш кылат.
Тоңголокту түн киргенде жайылтып,
Тоодон мойнун салаңдатып кыш турат.

## ЭР ЖИГИТ ЭЛ ЧЕТИНДЕ

Балким бири болорсуң өлгөндөрдүн
Балким бири болоорсуң көмгөндөрдүн

Арасында болорсуң азгандардын
Арасында болбойсуң качкандардын.

Арасында болорсуң атылгандын...
Арасында болбойсуң сатылгандын.

## МЭЭРИМСИЗ ӨРТ

Токтолбой өрт
Соймолоңдойт
Тутулбайт.
Токой андан
Күл... болмоюн кутулбайт.

## ЭЛДИН АРАСЫНДАБЫЗ, КӨЧТҮН КАРАСЫНДАБЫЗ

Чоң эмес салган изибиз...
Чоңдорго өтпөйт тишибиз,
Чор болуп колу эмгектен
Чокойчон жүргөн кишибиз.

Азуулуу эмес тишибиз
Алп менен болбойт ишибиз.
Күнөскө жетсек сүйүнүп
Күн көрүп жүргөн кишибиз.

Илкисе болду ишибиз,
Ийреңдеп түшүп изибиз.
«Кыйратып салдык» дебестен
Кылдырап жүргөн кишибиз.

Адамга жоктой күнөөбүз
Амандык тилеп жүрөбүз.
Актасак жеген нанды деп,
Арбайын соккон бирөөбүз.

## КӨЗГӨ ИЛЕШПЕС ТЕЗДИКТЕ

Келатам ойдон өтүп,
түзгө салып
Кээ бирде ыркырата
«жүзгө» салып,
Канатын күүлөп алып күчтүү сезим
Каңгытып бараткандай күчкө салып,

Шамалга тосуп алып төшүбүздү,
Шаңкайтып тоолор ачат көзүбүздү.
Уюлгуп баратканда машинебиз
Угузбай шамал жулат сөзүбүздү.

Оң-солдо тулаң чөптүн «көлдөлөңү».
Обондой сыбызгыды дөңгөлөгү,
Жепжеңил боло түшөт секиргенде
Жел менен учуп барат өңдөнөбү?

Кай бирде карга да жок каркылдаган
Кан талаа катарында закымдаган.
Канчалык жол узарып кеткен сайын
Калтырак жүрөгүңө жакындаган.

Картадай тагдырымды жайып коюп,
Канаттуу сезим менен байып коюп,
Өйдөлөп кетип барам ашуу жакка
Өмүрдү тобокелге сайып коюп!

Келатам ойдон өтүп,
түзгө салып
Кээ бирде ыркырата
«жүзгө» салып,
Желкеден басып алып күчтүү сезим
Жеңишке алпаратат күчкө салып!

## КҮҮГҮМ ТҮШӨӨР АЛДЫНДА

Күн уяга батып кетпей токтолуп,
Күлгүн нурлар улам барат буталып.
Билинбестен табы кеткен чок болуп,
Бир үйлөсөң кеткен турат тутанып.

Суйдаң булут кочкул тартып коюулуп,
Жайытынан малдар кайтты тоюнуп.
Теректердин көлөкөсү узарып,
Теменедей ичкерүүдө,
чоюлуп.

Күүгүм каптайт көшөгөсүн түшүрүп,
Гүл үргүлөйт... түн келээрин түшүнүп.
Кечендесе күн бир азга батпастан,
Кеткен турат көлөкөлөр үзүлүп.

## КЫРСЫК БҮТҮП, ӨЛҮМ ЖОКТОЙ

Күн шары ажарланат кызыл топтой
Күүлөнгөн чабалакей аткан октой
Дүмүрү омкорулуп каргашанын
Дүйнөдө кырсык бүтүп, өлүм жоктой.

Жүрөгүң көөдөнүңдө болкулдаган
Жүзүбүз алоолонсо толкундаган
Үрөйүң учуп турат эмнегедир
Үстөлдөй муштумдардан солкулдаган.

## ЖАРДАМ СУРАЙМ

Чымчыктайдан үзөңгүлөш өнөгүм
Чындыгында суранбаймын бөлөгүн
Жабыр тартып ындын өчкөн учурда
Жакшынакай сөзүң менен жөлөгүн.

Коңгуроонун уксаң керек баянын...
Колдон келсе курбалыңды аягын
Каражатка муктаж болгон жерим жок
Кайрат берчү сөзүң менен таягын

Кыянаттуу кыйчалыштуу жолдомун
Кыйыр кеткен жактарымды оңдогун.
Жан — жолдошум жардам сурайм өтүнүп
Жалындаган сөзүң менен колдогун!

## УБАРАБЫЗ

Кээ бирде кеңешмеден кездешебиз
Кеткенди, өткөндөрдү эстешебиз,
Жоготпой балалыктын элестерин
«Жолугуп туралычы тез!» дешебиз.

Издешпей да бир жерден кабылабыз,
Илгерки учурларды сагынабыз.
Жакшылап үй-бүлөнү тааныштырып
Жайында кездешүүгө камынабыз.

Жолуксак чын пейилден кубанабыз
Жоготкон нерсени эстеп, кубарабыз.
Алдыдан кездешүүгө макулдашып
Алиге жолугалбай убарабыз.

## КАРЕК САМАЙТ ЖАРЫКТЫКТЫ

Алыстан ырдын жетет кыйындысы,
Артында коштомосу, туюндусу.
Чөгөлөп кара буура калган өңдүү
Чөйрөдө караңгынын жыйындысы.

Санаадан күдүк ойлор суюлгансыйт,
Сагыныч эми чындап туюлгансыйт.
Жүздөгөн саратандын добушунан
Жүрөккө түндүн күүсү куюлгансыйт.

Жабыгып жададыкпы, камыктыкпы?
Жашообуз талап кылат аныктыкты.
Канчалык түн карарып барган сайын
Ошончо карек самайт жарыктыкты.

## ТАРАЗА

— Терендиктин
Канчалык бар кереги?
— Тайыздыкты
Такташ үчүн береги!
— Бийиктиктин
Канчалык бар кереги?
— Жапыздыкты
Билиш үчүн береги!

## ЖЫЛУУ ЖУМШАК

Теңи чыгып толгон айдын
Тезден нурун жерге жумшап
Жадыраган кечи жайдын
Жабат барын жылуу-жумшак.

Ай чыкканда толук бойдон
Аска-зоолор жаркырады
Бойлуу терек нурга толгон
Болор-болбос калтырады.

## КҮҢҮРТ КӨЛМӨ

Көлмөнүн сузуп алсам суусун мурун
Көрүчүмүн мелт-калт болгон күндүн нурун.

Көлмөнүн мөлтүр суусу азыр түссүз
Көрүнөт жылдызы жок асман түпсүз.

## КОҢГУРОО

Жарып өтүп арасынан кастыктын,
Жумшагына көнүп албай жаздыктын.
«Конок болбо Ата Журттун төрүндө»
Коңгуроосун шаңгыратам жаштыктын.

Сөөлөт күтүп, чыканактап жаздыкты
Сөз айтпайбыз көрүп туруп пастыкты.
Бийиктиктен коңгуроону каккылап
Биз болбосок, ким ойготот жаштыкты?

Ташкындасак аска солк деп, кыр кулап
Татаалдыкты өтүү керек бургулап
Ар-намыска, бийиктикке чакырып
Акын турат коңгуроосун ургулап!

## КӨКӨЛӨЙТ БИЙИККЕ

Дененин тамыры кыйылып,
Дем алуу калгандай тыйылып.
Миздерин матырат жанына
Миң жылдын оорусу жыйылып.

Жылтылдап каргыштын соорусу,
Жыйылып кузгуну, жорусу,
Жүрөктү эзгилеп тургансыйт,
Жүз жылдын чогулган оорусу.

Жаткансыйт жүрөгүң согулуп,
Жан-дүйнөң баратат сорулуп.
Митедей тыткылап жаныңды.
Миң жылдын оорусу чогулуп.

Окшошуп ок тийген кийикке.
Ойлоруң айланып ийикке.
Үлп этип өчөөрүн туйса да,
Үмүтүм көкөлөйт бийикке!

## АЙРЫМАМ ЖОК

Мен дыйкандан
Эч кандай жок айрымам.
Бар болгону
Бөлөк чыгар кайрымам.

Мен көргөнмүн
Айдоолордун көпкөнүн,
Ага келип
Дыйкан буудай сепкенин.
Мала менен
Канча жолу малалап,
Маңдайынан
Ысык терин төккөнүн,
Мөндүр келип
Уруп кетсе талаасын
Мөгдөй түшүп
Бир далайга чөккөнүн.
Күтүрөгөн
Бышыкчылык маалында
Күндөй күлүп
Күздүн жүзүн өпкөнүн.
Мен дыйкандан
Эч кандай жок айрымам
Бар болгону
Бөлөк чыгаар кайрымам.

## БАЛАПАН ЧАК

«Жаз» дегенде эске түшөт:
Таңгак куурай жонумдагы,
Ала-шалбырт жолумдагы,
Кар астынан терип алган,
Беш-алты байчечекей,
Карганын шыйрагындай
Колумдагы.

## БИЙИКТИК

Бирде тайыз,
Бирде түптүз.
Бирде ийри,
Бирде түптүз,

Бирде тайкы
Бирде терең.
Бирде таш боор,
Бирде керең.

Бирде кычкыл,
Бирде таттуу.
Бирде мерез,
Бирде шаттуу!
Бирок эч ким
толук билбес,
Бийиктик бар
Турмуш аттуу.

## ТҮГӨНБӨС ТҮТҮН

Тамекичи чыдай албайт чылымсыз
Дал ошондой трубалардан тынымсыз,

Кара түтүн көктү карай бүркүлүп
Асман койну кара боёк сүртүнүп...

Завод, фабрик, паровоздор эсепсиз...
Баарысы тең түтүн бүркөт кезексиз.

Эгер түтүн
Жер бетине толбосо —
Ушунчалык
Түтүн арбын болбосо —

...Эмне менен
Жашайт элек дем алып?
Маселени карап көрсөк кең алып!...

## КЫЛ ЧОКУГА

Жалгыз чоку.
Жалгыз күнгө жанашкан.
Жарданышып дүйнө калкы карашкан
Жакын жана алыстагы бийиктер
Жакынындай, бир туугандай санашкан.

Кыскан менен
Бороон-чапкын сурданып...
Кыл чокусу
Дайым турат нурданып.

## БҮТПӨС КЫЙМЫЛ

### АТ УНААСЫ

Атты минип өгүз минип өчөңдөп
Автомобиль пайда болду кечеңдеп
Антсе дагы туягынан алардын —...
Майып болгон эр азамат нечендеп.

### АРАБА

Дөңгөлөктөр пайда болду тегерек
Далайлардын көз жаштарын себелеп.
Калдыраган арабалар жөн жүрбөй
Канчаларды кеткен дешет тебелеп.

### АВТОМОБИЛЬ, САМОЛЁТ

Жерге тийбей ылдамдыктын таманы,
Жеткилеңдүү азыр космос заманы.
Каршы-терши кыймыл күчөп баратат
Кандай болот жөө жүргөндүн абалы?

## АПКААРУУ

Обо жакта самолёттор күрүлдөйт
Опол тоодой машиналар дүрүлдөйт

Эмне болот кыймыл дагы күч алса?
Эмнегедир денем үшүп, зирилдейт.

## ТООЛОРДУН ЭСИНДЕ

Бакыты тайыган кээсинде...
Баары бар тоолордун эсинде...

...Кымбаттуу жазуусуң томдогон,
Кыярбас жыл өтсө ондогон...
...Жырткычтар каптаган; Мен! — деген,
Жыбырап туш-туштан селдеген.

Кылымдар билишет баяндан,
Кыргыздын тоосу бар таянган.

Тарыхтын сакталбай мээсинде...
А тоонун, баары бар эсинде.

Караңгы кездерге капталып —
Картанын көп жери ак калып...

Жок болгон нерселер кээсинде...
Жоголбойт тоолордун эсинде!...

## КЕЧ КҮЗДӨ

Күзгү жел кызыл данды сапырууда,
Күүлөнүп дарактарды жапырууда.
Түгөнүп жылуу күндүн көрөңгөсү,
Туштукке каркыраны чакырууда.

Қыр-кырдан кыштын күчү жулунууда,
Қыяртып сан гүлдөргө урунууда.
Дарманы кете түшкөн сыяктанат,
Дарактын онтогону угулууда.

Қадамдап жакындайт кыш, кайтпайт артка,
Қарабай тирдигиңе, турмуш-шартка.
Қалчылдап жып жылаңач кайың, шилби,
Қабылып калган өңдүү катуу дартка.

Жер-жемиш жайылууда чөк-чөк болуп,
Жергеме түшүм батпай көп-көп болуп.
Жаныма топ! дей түштү апорт алма,
Жараатттай, тийген жери көпкөк болуп.

## АЛАКАН ЖАНА БАЛАПАН

Алакан — уядай
Учурду балапанды.
Балапан унутту,
Қанат берген алаканды.

Ага болбой
Қарасаң алаканды.
Учурат,
Улам жаңы балапанды.

## ААЛАМДЫН ЖАРЫГЫ

Араңдан көрүнүп жарымы,
Ааламдын төгүлдү жарыгы.
Қалдайган чоң атам:
— Қатырмадай барбы? — дейт,
Бу күндүн калыңы?
Ал болсо күлүңдөйт,
Адамдан түңүлбөйт.

Көз салсаң алыстан,
Адамдар жарышкан.
Кумурска сыяктуу,
Сансыз жол салышкан.

Пенделер иштешкен,
«Сен» дешкен, «Сиз» дешкен.
Кумурска сыяктуу,
Бирден чөп тиштешкен.
Талыкпай бир дагы,
Таалайын издешкен.

Күн тегиз кедейге, байына,
Күлмүңдөйт ободон дайыма.
Чоң апам окшотот Күн шарын,
Чогулткан бир карын майына.
Ал болсо күлүңдөйт
Адамдан түңүлбөйт.

...Аа-аздан көрүнүп жарымы,
Андан соң албыртып жалыны,
Алоолойт ааламдын жарыгы!

## СЕНИ КҮТПӨЙТ МУРДАГЫДАЙ

Саргайып
Сен ырдаган ырдагыдай:
«Сары-Булак
Сени күтпөйт мурдагыдай».

Атаң жок
Алыс жүрсөң аягыдай.
Айылың
Сени күтпөйт баягыдай.

Оту бар
Ошол көздүн курчу кетип,
Ойлонбойт
Мурдагыдай тынчы кетип.

Түгөндү
Сөздөрүнүн мурчу кетип,
Түн боюу
Жол карабайт тынчы кетип.

Кайталап
Сен ырдаган ырдагыдай:
«Качкынды
Эч ким күтпөйт мурдагыдай»

Кетээрде
Сен ырдаган ырдагыдай:
«Келгинди
Эч ким күтпөйт мурдагыдай».

## КЫЛ ЧОКУЛАР

Кыл чокулар ракеттей октолгон!
Учуп чыгып бара жатып токтолгон.
Бийиктиги жылдыз менен жанашып
Бирок учуп кетемин деп шоктонгон.

Ак чокулар ракеттей октолгон!
Аябаган улуу күчтөр топтолгон...
Атып чыгып бара жатып асманга
Анча-мынча убакытка токтолгон!

## БЫШКАН ТАМАН

Көп нерсеге
Көп сырларга кызыккан
Музга тоңгон

Куйкаланган ысыктан,
Тилди дагы
Мактоону да көтөрүп
Тикен кечип
Шагыл басып бышыккан.

Бирөө болсо...
Жашоосуна кызыккан
Билип койсун,
Корккон эмес ысыктан.
Билип койсун
Качкан эмес муздактан.
Бир сөз менен
Мээнет менен бышыккан.

## ТҮСПӨЛДӨШӨТ КЕЛИНЧЕККЕ

Күн токтоп
          булуттарга
Эринчээктей....
Күлмүңдөйт
          андан чыкса
келинчектей.

## ЭСТЕТЕТ ЖАЗДЫН ҮЗҮМҮН

Колотту күрткү бүтөдү
Тамдардын мору түтөдү.
Калтырак басып тирүүнү
Карандай ызгар күчөдү.

Ар кимдим түркүн тилеги
Ачтарды — токтор билеби?
Жыргалга батып таранчы
Жылуунун келсе илеби.

Топтолук көрүп үзүрүн
Топтоду бороон «түшүмүн».
Эрбеңдеп, тынбас таранчы
Эстетет жаздын үзүмүн.

## АЛЧА МЕНЕН ТЕРЕК

*Салижан Жигитовго*

Жагалданып чынар терек сымбаттуу
Жалбырагы асыл заттай кымбаттуу.

Көргөзмөгө коюлгандай тандалып
Көргөн адам көзүн албайт таңданып.

Жалбырагы керимселге жайкалбай
Жан жагында алча турат байкалбай.

Көктү карай сунган эмес төбөсүн
Көтөралбай турган чагы мөмөсүн,

Терек бийик адегенде көргөндө
Алча бийик мөмөлөрүн тергенде.

## АКЫН ЖУРТУ

Жашырбайт
Керт башынын кемчилигин,
Жактырат
Ар бир иштин теңчилигин.

Жамгыр сурайт асмандан
Чөптөр үчүн
Жалгыздыкта ыр жазат
Көптөр үчүн.

## АЙТЫП БҮТКҮС СУЛУУЛУК

Күлмүңдөгөн туу чокуда улуулук!
Күндөн тарап жанга жаккан жылуулук.
Ар бир чөптө мончок түстүү шүүдүрүм,
Адам айтып түгөталбас сулуулук.

Төгүлтүпсүң табиятым, көөрүңдү
Таңданамын билбей эмне дээримди
Улуу тоолор жаралгандан берите
Ушунчалык болбогондой мээримдүү.

Гүлдүн жыты батпай кеткен өрүшкө
Күкүмдөй да киргил калбай көмүскө.
Ажарланган кереметтүү сүрөттү
Адамдардын чолосу жок көрүшкө.

## ӨМҮР БАСКЫЧЫ

Курч мезгил...
Үстөмөндөп жеңип барат.
Курчоосу карылыктын
Кеңип барат.
Бир баскыч
Көтөрүлсө бала жашы —
Бир баскыч
Ата жашы кемип барат.

## САЙРАП ТУРСУН

Токсонго
Чыгып калган курагында,
Тоо ылдый
Дөңгөлөнөөр убагында.

Токтолуп калгычакты
Курган жүрөк
Торгойлор
Сайрап турсун кулагында!

## АЛЫСТАМЫН

Азыр мен алыстамын,
ыраактамын.
Апамдар жагышкандыр чырактарын?
Кучактап өпкүм келет баарыңарды
Кулунум,
бөжөктөрүм,
ынактарым.
Качандан
Калыптанган өнөкөтү
Калкылдайт
Айдын көлдө сөлөкөтү.

## БИЗДИН ТООДО

Бийик келет
Карысы да, жашы да
Бийиктикке
Талпынгансыйт ташы да.
Асман гана
Мындан бир аз өйдөдө
Айлангыдай
Космонавттын башы да.

## ТАБИГАТТЫН ТАЛАБЫ

Теректер
Сымбатына менсинишип,
Талдарды
Такыр койбойт теңсинишип.

Бийик да,
Көрктүү дечи мырза терек.
Бирок да,
Табигатка тал да керек.

## ЖАЗДЫН ДЕМИ

Көчөдө ылай-баткак,
Көйнөктүү жаан
Жонго чаптап.
Көлчүктөрдөн
Араң аттап,
Автобус айылдарга
Сейрек каттап.
Ошондо да,
Сонунсуң жаз!
Ободо
Каркыра-каз!

Кар себелеп,
Жамгыр менен аралаш,
Тумак кийсең ысыйсың
Башың үшүйт,
Чыксаң жылаңбаш.
Булганчуудай ылайга
Булут жылат — көөнү пас.
Боёгу жок
Жашыл түстүү
Бодурала аска таш.
Жылыталбай турсаң да,
Жыргалсың го — бала жаз!
Келбей күчүң жатса да,
Кереметсиң — бала жаз
Бирде кетип үргүлөп,
Бирде кетип күлдүрөп.
Башат эми үн салып,

Бар экенин билдирет.
Батиңкемди канчалык
Тазалаба сүргүлөп,
Баткак туруп бир кило
Балдарымды күлдүрөт!

Көз ачырбай көнөктөп,
Көктүн бети тешилет.
Желим болуп жабышып,
Жер кыртышы эзилет.
Сур булутун жиберип,
Суук дале эсирет.
Кантсе дагы бала жаз,
Кандай сүйкүм сезилет.

Сүрөтчүлөр жөнөштү,
Мольберт илип жонуна.
Келбесе да келсе да,
Акын сөрөй акын да,
Калем алды колуна.
Гүл төшөлтүп түрлөнгөн.
Койбосо да жолуна.
Жан бүткөндү сүйүнткөн,
Жаздын деми сонун а!


АЙКЫН
САПТАР

## ТОЛГОНУУ

Максаттын тандап алып жапызынан,
Майданга өлүм келсе капысынан.
Кур өтүп кетемби деп чочулаймын
Кутулбай Ата Журттун акысынан.

Тагдырың тайгак окшойт баарысынан.
Тандабайт өлүм жашы, карысынан.
Кунарсыз өмүр өтүп кетпесе дейм,
Кутулбай тууган элдин карызынан.

Аз иштеп, болуп келем карызыраак
Акыйкат, таразала калысыраак.
Маңдайдан кырсык чыга калбаса экен
Максатым, бараар жерим алысыраак!

## АЙКӨЛДҮКТҮН БАРБЫ ЧЕНИ

*Сүйүнбай Эралиевге*

Дүйнөдө
Айкөлдүктүн барбы чени?
Дүпүйгөн
Бутактуу ой курчайт мени.
Сени карап турганда
Тоону көрдүм.
Тоону карап турганда
Көрдүм сени.

## ПЕНДЕЧИЛИК

Капалык кабырганы качыратып,
Каректи чанагынан чачыратып.
Алсыздык алсыратып, кансыратып
Адамды адамдардан нан суратып.

Бирибиз бирибизге кашынабыз,
Бир күнү көр түбүнө жашынабыз.
Бирөөнү теңсинбейбиз, теңсинебиз,
Бирөөнөн кагуу жейбиз, кемсинебиз.

Кай бирде карышкырдай карашабыз,
Кайрадан койду союп жарашабыз.
Кайрадан таарынышып, достошобуз,
Кан жутуп жашоо менен коштошобуз.

Бирине өкүм чыгып айыптаган,
Бирине оору берип айыкпаган.
Туюкта кыйбасына айтып керээз,
Турмушта тагдырдан да барбы мерез.

Табабыз, жоготобуз. Адашабыз.
Талпынып мансап, бийлик талашабыз.
Максатка жеткенибиз нурданабыз,
Манастай улуу болуп, сурданабыз.

Бир күнү жалбырактай дирилдетип,
Бир күнү кайыктырып, зирилдетип.
Уу болуп, бал да болуп жегенибиз
Ушундай биздин жашоо дегенибиз.

## ӨКТӨМ САПТАР

Сезим бар, дат алуучу.
Селки бар, кат алуучу.
Өмүрдө махабат бар,
Өлбөс деп аталуучу.

Жагдай көп, эсеп берчү.
Жарык — түн кезектелчү.
Өмүрдө балалык бар,
Өчпөс деп эсептелчү.

Марыткан айлыгы жок,
Май эмес — майлыгы жок.
Бир гана үмүтү бар,
Бир тыйын байлыгы жок.

Талашаар доосу да жок,
Таянар тоосу да жок.
Көк чийген тереги жок.
Көтөргөн белеги жок.
Эргиткен жаштыгың бар,
Эч нерсе кереги жок.

## КУМАРПОЗ КУЮН

Учуп келди
Угалбадык дүбүрттү.
Унун төгүп
Ашпозчуну жүгүрттү.

Токтоп калды
Табылгыга байланып,
Токтоналбай
«Айлан-көчөк» айланып.

Кумарынан
Чыккычакты айланып,
Куюн турду
Бир чекитке байланып.

Кулуктөрдүн
Жеткирбестен бирине,
Кулду чачты
Кыздын жайган кирине

Кылаң этип,
Кирип барып базарга.
Кыздын чачын
Илип качты жасалма.

Так үстүнөн
Кирип барды базарга.
Тармал чачты
Илип кетти жасалма.

Коркпой турган
Кокуй окшойт нагызгы.
Коломтодон
Уурдай качты тамызгы.

Көпкө чейин
Туралбады токтолуп,
Көктү көздөй
Атып чыгып ок болуп,
Көз ирмемде
Эрип кетти жок болуп...

## КАПЫСТАН

Бирөө Чыгыш,
Бирөө келип Батыштан,
Бир күн болгон семинарга катышкан.
Күтпөй калган махабаттан түңүлүп...
Күйөө тапты элүүсүндө капыстан.

Мелдеш болуп тараганда бокстан,
Ме... аттуу жан, ашкан жашы отуздан,
Билет алып суу сатуучу жагдайдан,
Бир «Жигули» утуп алды кокустан.

Күтүп жүрөм Чыгыштан да Батыштан,
Издеп жүрөм бийиктен да, жапыздан,
Канатына кулач жеткис ырыскы
Качан мага жолугасың капыстан?

## ЭКИ ТЕРЕЗЕ

Бир терезе көрөт таңдын атканын,
Бийигинен күн чачырап капканын.
Бийлигине жан дүйнөнү берилтип,
Билинбестен өйдө бара жатканын.

Күн тоолорго батат нуру үзүлүп,
Күүгүм келет пардаларын түшүрүп.
Батыш жакќы терезеде эч качан,
Болгон эмес «Чыгыш» деген түшүнүк.

Күн кайрадан нурун чачат жаңыртып,
Күмүш түстүү шоолаларын агылтып,
Күлүп турат чыгыш жакќы терезе,
Күзгү сымал кереметти чагылтып.

Баягыдай күн эсебин жаңыртып,
Баягыдай өткөн кезди сагынтып,
Балбылдады батыш жакќы терезе
Батар күндүн шоолаларын чагылтып.

Бир терезе көрсө таңдын атканын.
Бир терезе көрөт күндүн батканын.

## БАГЫНБАГАН УБАКЫТ

Ким үйрөтөт убакыттай азоону?
Кирген суудай оргуштаган жашоону.
Уч кыйырсыз баш-аягын түгөлдөп,
Убакытты ким багынтат жүгөндөп.

Жүз жылда да тарабастай күңүртү,
Жүрөктөрдө туягынын дүбүртү.

Төмөндөн да, жогортон да үн чыгат,
Төрт аягы тийген жерден гүл чыгат.
Качан болсо канды турат дүрбөтүп,
Кандай жигит минет аны үйрөтүп?

## ЭРК ӨЧПӨСҮН

Эрги досум!
Эмне башты саласың.
Эмнегедир,
Солгун тартып барасың.
Эргежээлдин
Ар бирине жүгүнсөң,
Эртең эле
Бүкүр болуп каласың.

## СЫР ЖАШЫРБАС АЧЫКТЫК

### I

Гүлдөр болсо,
Жашырбайт жайнаганын.
Булбул болсо,
Жашырбайт сайраганын.
Бак жашырбайт,
Бүчүрдү байлаганын.

## САКТАП КАЛАТ

### II

Гүлдөрдү
        сактайт —
Жазда жайнаганы.
Булбулду сактайт —
Таңшып сайраганы.
Алманы
        коргойт,
Бүчүр байлаганы.

## МОКОБО ЭРКИҢЕН

Оокатың оңололек
Ойлоруң тоголелек...
Эрк барда жүрөгүндө
Эч нерсе жогололек.

Қабырғаң кайышып,
Қанатың майышып...
Қетсең да көркүңөн
Мокобо эркиңен.

## ӨМҮР БАЯНЫ

Бешимде төрөлдү.
Бешикке бөлөндү
Эрте — кеч ыйлады
Энесин кыйнады.
Қаз турду.
Жығылды.
Қанатты мурунду.
Жакшыга урунду
Жаманга урунду.
Қөгөрдү.
            Жетилди.
Курчуду
            Қетилди.
Мас болду.
            Жаш болду.
Қөкөлөп.
            Пас болду.
Жаңылды.
            Үйрөндү.
Жалындап.
            Үйлөндү.

Уул көрду.
Кыз көрду.
Уу татып.
Муз көрду.
Ошентип,
өмүргө —
Ондурбас
кыш келди.
Өчпөгөн баягы,
Өмүрдүн баяны:
Баш жагы-бешикте
Табытта — аягы.

## КЕҢ ДҮЙНӨНҮН КАСИЕТИ

Түйшүктөр каптап келет түмөндөгөн,
Түтүндөй басылбаган, түгөнбөгөн.
Түкшүмөл кабарым бар болсо дагы
Түпкүрүн түшүналбай күмөндөнөм.

Түбөлүк жаралгандай түгөнбөөгө
Түпкүргө оюң жетпейт күмөндөөгө,
Эсепсиз, эбегейсиз кең дүйнөнү
Эч кимдин алы жетпейт түгөлдөөгө.

Ар дайым жете албайсың самаганга
Алдастап жүрөк түшөт чабаганга...
Эзелки кең дүйнөнүн касиетин
Эч кандай кудурет жок санаганга.

## НАН ДҮКӨНДӨ

Көмөч нан колдон ыргып, тегеренип
Көргөндө айлам кетип, чебеленип
Жүткүнүп ала койдум бут алдынан
Жүрөгүм кала жазды тебеленип.

## АЧЫШКАН БУЛБУЛ ЖҮРӨГҮ

Булбул сүйгөн чынар терек кыйылды
Бутактары кырдай болуп жыйылды.
Канаттары дирилдеген акын куш
Кантип сенин токтоталам ыйыңды?

## ШУМКАР ГАНА ЖАРЫП ӨТӨТ

*Жолон Мамытовго*

Толгон эл
Тойлоп жыргап, түзүк өтөт.
Томаяк
Ашка жетпей, үшүп өтөт.
Тойгонго
Ыраазыбыз далайыбыз
Толкунду
Шерлер гана сүзүп өтөт.

Дүйнөдөн
Семиз өтөт, арык өтөт.
Дүңгүрөп
Хандар өтөт, карып өтөт.
Токтолот
Далай пенде көмөчүнө
Тоскоолду
Шумкар гана жарып өтөт!

## ҮЧ БУЛАК

Томолонуп, тосмолордон жүз кулап
Тоо койнунан агып чыкты үч булак.

Биринчиси алга карай озунду
Бийлиги күч дарыяга кошулду.

Экинчиси бакка кирди жайнаган
Эртели-кеч түркүн куштар сайраган.

Үлпүлдөбөй мекен кылып гүлзарды
Үчүнчүсү угуп чөлдөн муң-зарды,

Багыт алды куурап турган талаага
Барааны чоң максат уюп санаага.

Тоо койнунан агып чыкты үч булак
Торолушкан, тосмолордон жүз кулап.

## БААТЫРЛАРДЫ КҮТКӨНДӨ

Баатырларды күтүшкөндөр кубанып,
Баары таштай селейишти кубарып.
Қансыраган жалгыз атчан келатты
Қар үстүнө кандын изи чубалып.

## АКЫЙКАТ КЕП

Торгой үнүн —
Торгой гана түшүнөт.
Булбул тилин —
Булбул гана түшүнөт.

Буудан гана —
Баалай алат дулдулду.
Булбул гана —
Баалай алат булбулду.

## ЫР ОТУ

Тоңголок мол,
Ала-шалбырт жазында.
Тоо башынан
Қар кетелек азыр да,
Токой-талаа

Тиричилик уланып,
Топчу өндөнгөн
Торгой сайрайт кашымда.

Аркан бою
Анын турган бийиги,
Айнып кетпей
Жанат ырдын билиги.
Эпилдеген
Канатына көз жетпей,
Элестеди
Энекемдин ийиги.

Кандай пенде
Тыңшайт аны жыргабай,
Кантип чыдайт
Кайың башын ыргабай.
Торгой небак
Катып калмак таш болуп,
Токтоп калса
Көз ирмемге ырдабай.

Капысынан
Жаз ичинде кыш болуп,
Калса торгой.
Кыйындыкка туш болуп.
Кубат берген
Ырдын оту болбосо,
Кулап түшмөк
Бир тоголок муз болуп.

## ЭМНЕ КАЛАТ

Жаштын күчү талган соң,
Жалыны өчүп калган соң.
Эс-акылың азайса...
Эмне калат андан соң?

Этиң качып калган соң,
Эки канат талган соң.
Эңкейткенде карылык...
Эмне кымбат, андан соң?

Кырсык тооруп алган соң
Кыйындыкка салган соң
Эгер үмүт үзүлсө...
Эмне күтөт,
андан соң?

Жаш улгайып барган соң
Жалын өчүп калган соң:
— «Эсил кайран!» бүткөндө
Эмне тосот,
андан соң?

## АСКА ЖООБУН БЕРЕЛЕК

Баладай болот акындар,
Басылбай турган закымдар.
...Бармактай болгон булбулдун
Башында тоодой акыл бар.

Акын,
үмүт,
Жүрөктөгү өлөлек.
Аска бирок,
Ага жообун берелек.

## НАНДЫН КЕЗЕГИ

Азап күндөр эсиңдеби кечээги?
Ачкаларга жетпейт адам эсеби.
Акыйкаттап катарынан тургузса,
Айга жетмек нан күткөндүн эсеби.

## ТОБОКЕЛ

Андан иним оңу жок,
Алсызданба —
обу жок.
Максат күтөт
өзүңдөй,
Майышпасты —
тону жок.
Жетип балким калаарсың,
Жерлерге сал —
жолу жок.
Чексиз бакыт жолугаар,
Чер менен бар —
жолу жок.
Үстүнө таш чапталган,
Жолдор арбын тапталган.
Чекедеги тосмосу
Чеберликте акталган.

Күнү-түнү жалдырап,
Күтөт жолдор даңгырап.
Адашпайсың,
өтөсүң
Арабадай калдырап.

«Тонум жок деп зарласаң!»
Толкундарды жарбасаң.
Тоодой бакыт каякта?
Тобокелге салбасаң.

* * *

Бир токойго бербей турган
Дарак бар.
Бир китепке бербей турган
Барак бар.

* * *

Ачылып
Сокурдун кареги.
Ай-күндүн
Билинди дареги.

## ӨМҮР ӨРГӨ ШАШТЫРАТ

Ак тал чачтар арбындаса ансайын,
Алыс болуп бараткансыйт жакынкы.
Өжөрлөнүп иштеп кирем таң сайын,
Өмүр күнүн жашагандай акыркы.

Ойлогондой болбойт окшойт кыязы,
Оңой эмес баарын ишке ашырыш
Кургоочудай калем саптын сыясы,
Кубалаймын горизонтту шашылыш.

Кылым күүсү сезимиңди дүрбөтүп,
Кыйын экен чабалдыкты жашыруу...
Дүңгүрөгөн туяк үнү сүрдөтүп,
Дүкүлдөтөт жүрөгүмдү шашылуу!

## КАНАГАН ГҮЛ

Жөө туман капчыгайды камап кеттти.
Капыстан добул тоону сабап кетти.
Шыңга бой кызыл гүлгө мөндүр тийип,
Шылк этип жерди көздөй канап кетти.

Чайыттай ачык күндү чөйрө самап,
Чагылган көктүн бетин жүрөт жамап.
Кыянат мөндүр тийип сабагына,
Кызыл гүл
ошол бойдон жатат канап...

## КАРМАТАТ КАРЫЛЫК ТАЯКТЫ

Карылык
Бир жанды да койбойт аяп,
Карматат
Колдоруна бирден таяк.

Жөлөнүп
Анын берген таягына,
Чыгабыз
Жашообуздун аягына.

## АЛБАС БЕКЕН ЧӨГӨРҮП

Картадагы
Океандар көгөрүп
Канча жанды
Кучагына чөгөрүп...

Космос тарап
Дайым турган көгөрүп
Жердин шарын
Албас бекен чөгөрүп?..

## ГҮЛДҮН БАРКЫ

Кызыл гүл
Кыйналгансып үзүлөсүң,
Кыйлага
Көңүлүмдү түшүрөсүң.
Кымбаты
Билинеби жай күнүндө
Кышында
Анын баркын түшүнөсүң.

## МУЗДАТКАН СЕЗИМ

Жалжылдап көздөрдүн карасы
Жазында
Мүрзөнүн арасы.
Кылтыйып турпактан көрүнгөн —
Кызыл гүл — жүрөктүн жарасы...

Саландап тоолордун колкосу
Сары-Булак.
Мүрзөнүн ортосу.
Аңгекте албырган мандалак
Ачылган жүрөктүн толтосу.

## ЭСКЕ МЕНИ САЛАБЫ?

Кимдин болсо таамай айткан көзүнө,
Кирди-чыкты күлкү кошуп сөзүнө.
Оңу келсе кайра тартпай мушташтан,
...Ошол жигит окшошобу өзүмө?

Тең курбудай тектүүсүбү, балабы,
Темир сымал бекем окшойт талабы.
Окуу жайын ыр издейм деп таштаган,
...Ошол неме,
эске мени салабы?

Батинкенин түшүп калып таманы,
Балакайдын куурулду го заманы,
Бая күнү болжоп койгон учурга,
Барбайбы эми, баарысынан жаманы.

...Бир досунун сурап өтүк, көйнөгүн,
Бийден бетер таяп алып бөйрөгүн.
Беделинен түшүрөбү жокчулук,
Бешим ченде кызды күтөт, көйрөңүм.

Бийиктикке калуучудай тез жетип,
Билим кууган, сүйүү кууган кез кетип.
Билек түрүп иштеп жаткан кужурмөн,
Бир жигитти, турган жокпу эстетип?

## БЕРЕШЕНДИК

Тоодогу тунук булак, мөлтүр булак,
Токтолбой аскалардан түшөт кулап.

Жаркырак тоо булагы — терезедей
Жандуунун баарысына бересседей.

Билелек сарамжалды, эсепти да...
Сактабайт тартипти да... кезекти да...
Сугарат тоодой болгон төөнү дагы,
Сугарат жону жоорлуу эшекти да.

Аңкасаң жетип баргын
суусу белен,
Табийгат
айтып бүткүс пейли кенен!

## ЖАПЖАШЫЛ ЖАЙ

Жай мезгили тартып келди киресин.
Жаш чөптөрдүн малдар татып ширесин.
Айыл жакка чоочун киши келгенин,
Ажылдаган ит үнүнөн билесиң.

Жамгыр берет кургак күндүн эсесин.
Жаймалатып бал кымызга кесесин.
Түшкөн мейман дале аттана элегин,
Түндүктөгү түтүнүнөн сезесиң.

## ТАБЫЛГЫНЫН ТАБЫНДА

Тышта бороон
Тынчы кетет ызылдап,
Тырмактары
Тийген жерлер тызылдап.

Табылгынын
Кызыл чогу балбылдап,
Тамчы тийсе
Таарынгансыйт бышылдап.

## КҮЛҮК СУУ

Кары-жашты сергектентип жагымы,
Кандай ылдам, тоо суусунун агымы.

Агып өтүп келтирбестен чаманы,
Андан-мындан жылт-жулт этип таманы

Албууттанган кышында да, күлдүрлөйт.
Аяз аны тоңдурганга үлгүрбөйт.

Булак чуркайт өзүн-өзү жылытып,
Бороон аны муз кылалбайт, уютуп.

## ЭМГЕК ТАҢЫ

Усталар уктабай узанган.
Убакыт чоюлуп — узарган.
...Алоолоп күн чыгып келатат,
Акындын көзүндөй кызарган.

* * *

Алаамат
Оңой түшпөйт башкаларга.
Айрыкча —
Кыйын болду аскаларга.

## УШУНДАЙ КЫЗЫК

Үйдүн ичи толтура чычкан.
Үйдүн тышында толтура мышык.
Дүйнөдө көп ушундай кызык.

...Мышыкты,
Үй ичине аттатпайбыз.
Мышыкты,
Чычкандарга каттатпайбыз.

## ОЙМОКТОЙ ОЙЛОР

Бир ит үрөт,
Көрүп калып.
Бир ит үрөт,
Көнүп калып.

* * *

Бирөөлөр өтөт,
Сокуга минип.
Бирөөлөр өтөт,
Чокуга минип.

* * *

Төө бир жолу
Чычкан тууп.
Төрт жыл жүрдү,
Тынбай жууп.

* * *

Дөө десем —
Чыканактай
Төө десем —
Чыпалактай.

* * *

Топчудай
Бала төрөптүр.
Тоодой
Бешикке бөлөптүр

* * *

Оору сенин —
Канатыңды сындырат.
Өлүм сенин —
Акыр жаның тындырат.

* * *

Биздин жүрөк күзгүдөй —
Көргөнүн жашырбаган.
Биздин жүрөк оорудай —
Өмүр бою басылбаган.

## ОРГУГАН КЫЯЛ

Оңбогондой көп эле кылыгым бар,
Оң бутумда бөтөлөк сыныгым бар.

Үй сураган көп жылдар арызым бар
Үй-оокатым нак келбес карызым бар.

Жүлүнүмдү сыздаткан күйүтүм бар,
Жүрөгүмдө бирок да үмүтүм бар.

Адаштым. Арамдыкка баткан жокмун.
Абийирди атак үчүн саткан жокмун.

Канча татаал тагдырдын күбөсүмүн
Карапайым акындын бирөөсүмүн.

Көп нерсеге көндүм да, көнө элекмин,
Көптү көрдүм. Бир гана өлө элекмин.

## ОТТУУ САПТАР

* * *

Аяшты көрдүм,
Эки тоонун шиберин
          самап кеткен.
Эркекти көрдүм,
Эшке чыкса аялын
          камап кеткен.

Эргулду көрдүм,
Сыйын көрүп,
     үй ээсин
          сабап кеткен.

* * *

Аз болсо кеткен турат бычакташып,
Ар кимге бирин-бири ушакташып.
Анан барып,
     бир тасмалдан тамак жешип,
Бир төшөктө жатышат кучакташып.

* * *

Бирөө жүрсө уктабай
Ыр чыгарып.
Бирөө жүрөт уктатпай
Чыр чыгарып.

* * *

Оюнан кетип, кырынан
Опкоолжуп жүрөк чырынан...
Өлгүдөй коркот бир акын
Өзүнүн жазган ырынан.

* * *

Таңдандырып,
Таңшыйт булбул таңында,
Таранчы да,
Чырт-чурт этет жанында.

* * *

Карга да бар —
Канаттуунун санында.
Жорток жем жейт —
Жорголордун жанында.

* * *

Ак гүлдөрдүн арасы —
Баткак экен.
Акылмандын баласы —
Акмак экен.

* * *

Төкөрлүк —
Аңдыйт бутун дулдулдун.
Дудуктук —
Аңдыйт үнүн булбулдун.

* * *

Кызыл гүлдүн жанында,
Тезек жатат.
Аргымактын жанында,
Эшек жатат.

* * *

Мөл булактын акыры
Чалчык болду.
Ашкан акын акыры
Тантык болду.

* * *

Карылыктын соңунда,
Кырсык турат.
Кайсап жашын, чоңун да,
Кырчып турат.

## СУРАНЫЧ

Көңүлдө кыроо бар...
Көксөткөн буроо бар...
Тагдырга биз жактан
Тамчыдай суроо бар.

Адамбыз жупуну
Ашкере жагы жок
Алптардын кыпыны.

Күн сайын токулган
Күлүктүн чомундай
Мүдөөм бар момундай:

Кимде жок өкүнүч?
Теректей кишиден
Тепкедей өтүнүч,
Биздеги сураныч:
Биртике жакшылык
Биртике кубаныч!

## ЖЕҢИЛДЕЙСИҢ БУЛУТТАЙ

Даркан жашоо,
болот жалаң жомокто.
Дайым жыргап,
жүралбайсың конокто.
Тарап кетет
кара булут төбөдөн,

Тартынбастан
буулукканда... шолокто!
Так төбөңдө
Қара булут куралып...
Қапачылык
Улангандан уланып,
Илдиргендей
бир нерсени колуңдан
Ичиң турат
эмнегедир буралып.
Қанаттары,
Туш-тушунан сөгүлүп,
Қара нөшөр,
Өтүп кетсин төгүлүп.
Ак булуттар
Пайда болот көңүлдө.
Алдемедей
Жеңилирээк көрүнүп.

## ЭКИ ТҮРЛҮҮ КӨРҮНҮШ

Бир карасам,
Қызыл гүл жайнап турган.
Бутагында,
Булбулу сайрап турган.

...Бир карасам,
Қызыл гүл соолуп турат.
Бир башкача,
Жүрөгүм ооруп турат.

## АЛП ЖАНА ЭБЕЛЕК

Көйнөгү тер болуп жонго чапталып,
Алп адам —
Унчукпай тоону жылдырды.

Эбелек.
Томуктай ишке мактанып,
Элдердин кулагын адеп тундурду.

## ТУРМУШ ОШОЛ

Каржайган жабагысы,
Буудан болгон.
Касташкан душмандары,
Тууган болгон.

## АЛА БАРЧЫН

Таянчы
Качырганда, качканда да!
Таянчы
Аскада да, асманда да!

Айланган
Көктө сызуу адатына
Таянат
Жалаң гана канатына!

## УГУЛБАДЫ

Бака-шака эмгек күүсү кайнаган
Бардык жакта машиналар жайнаган,
Буркан-шаркан экскаватор, трактор...
Булбул үнү угулбады сайраган.

Толгон-токой машиналар каптады,
Тоонун гүлүн каз тамандар таптады,
Улам-улам торгой жатты безенип
Угулбады жүрөгүнүн какканы.

## БИЙИК УЧАТ

Калкылдап
Булуттарды чийип учат.
Канаты
Күн бетине тийип учат.
Көрүш үчүн
Баарынан алысыраак,
Көк туйгундар
Көкөлөп бийик учат.

## КЫШТЫН ДЕМИ

Мурду-башы
Таанылгыстай шишиктен,
Муз самсаалап
Кирип келди үзүктөн,
Жемиш, бактын
Үрөйлөрүн учуруп,
Жердин куту
Кете түштү үшүктөн.

## АЛЫСТАГЫ ЭЛЕС

Айдың бет бышарган
Азамат.
          Алы жок.
                    «Тушалган»
Алсырап күн батып баратат
Ачылган жарадай кызарган.

## ӨТКҮР ДЕШЕТ...

Келишкен
Узун бойлуу,
          сыйдысынан

Өткүр дейт,
Өктөм! — дешет кыйласынан.
Андай сен
Мыкты болсоң —
Убакытты
Атандай
жетелечи
буйласынан!

* * *

Абайлагын...
Койнунда ташы бардай.
Ашкабактай
мойнунда
башы бардай.

* * *

Бирөө тигил сулууга
Жетпей жүрсө жутунуп,
Бирөө ошол сулуудан:
— Кетсем ээ! — дейт кутулуп.

* * *

Эки көзү төрт болуп,
Кете жаздап мерт болуп.
Келет жыйнап отунду
Кетсе экен деп өрт болуп.

## ЖОГОЛБОС ДЕМ

Оюңан аркан эшээрсиң
Ондогон сууну кечээрсиң,
Өктөмдүү жаштык учурдун
Өчпөгөн күчүн сезээрсиң.

Учурду койбой тоготуп
Убакты бекер коротуп,
Қор кылып ынак сеземин
Қоёлек жүрөк жоготуп.

## АЙКӨЛДҮК

Жамгыр жердин,
Жарыктыктын өнөгү.
Жамгыр болбой,
Жашоо гүлдөп, өнөбү?
Жалаң гана,
Жашартууга жаралган.
Жамгыр үчүн —
Жамгырдын жок кереги.

Очок оту
Алоолонот береги.
Бирок отко —
Ысыктын —
жок кереги.
От жалбырттап
Кетет сууктун айласы.
Бирок отко —
Тийбейт оттун пайдасы.

## ТОО ЖАНА ТОПЧУ

...Тоонун шору катыптыр.
Топчуга,
Жашынып жатыптыр.

...Тоонун арманы,
Топчудан.
Кем болду салмагы.

...«Турбайсың мойнун ийип — деп,
Турпатың өтө бийик! — » деп...

Топчу,
Тоонун абийрин төктү.
— Толуксуң! — деп сөктү.

...Топчуну көкөлөткөн токчулук,
Тоону басырылткан жокчулук!

## ЧЫГААН «КАЛЫСТАР»

Чыгаандар өлчөшүп берээктен
Чындыкты чыгарып керектен
Бир карыш немени макташып
— Бийик! — деп салышты теректен.

* * *

Каргадай —
Узак жашабайт булбулдар.
Марага жетет —
Чыныгы дулдулдар.

* * *

Көрүп үргөн итти
Кожоюну мактасын!
Көрбөй үргөн иттен
Кудай өзү сактасын!

## ТАТААЛ ТАБЫШМАК

Ансыз өтпөй бир да жыйын,
Ансыз барксыз, кылган сыйың.
Аттай,
төөдөй кадыры бар,
Атын табыш...
өтө кыйын.

## ЖЫЛТ ЭТКЕН САПТАР

Алсыз болсоң,
Азаптантып, кыйнашат.
Күчтүү болсоң,
Аргасыздан сыйлашат.

## ЧУБУРГАН ОЙЛОР

Өтөт бирөө
Көйнөгүн бүрүп жүрүп.
Өтөт бирөө
Ошого күлүп жүрүп.
Өтөт бирөө
Мансапты сүйүп жүрүп.
Өтөт бирөө
Мансаптан күйүп жүрүп.

## КАРА БУЛУТ, АК БУЛУТ

Обологон аппак булут эбелек
Ой-тоолорго мээриминен себелеп,
Айланганда ак пейилдүү нөшөргө
Айдоо жатты суугa тойбой «кенелеп».
Табияттын ошондогу ажары
Ташына да жемиш өстү мөмөлөп.
...Ошо булут кара булут болгондо
Ойрондомок мөндүр төгүп, тебелеп.

...О, ак булут, окшоп кудум эбелек
Ой-тоолорго жамгыр берген себелеп
...Ошол булут кара булут болду да
Оңдурбады мөндүр болуп тебелеп.

## АСКАГА БАР

Түптүз ойдон
Калбоочудай кырынды...
Түшүнталбай
Башкаларга сырымды,
Айрымдары
Укпамышка салганда
Аскаларга
Айттым барып чынымды.

Аска менин
Кайтарбады мизимди.
Аска менин
Бүркөлтпөдү жүзүмдү.

Жакшы сөздү
Угалбасаң башкадан,
Жаңырыкты
Күткүн барып аскадан.

Качан сени
Түшүнбөсө башкалар
Кагып-силкпей
Жообун берет аскалар.

## ӨЛҮМ СҮРҮ

Эр жүрөк болсо дагы өлүш кыйын.
Эркине табигаттын көнүш кыйын.
Табытка өзүң жатып алгансынып,
Таптакыр өлгөн жанды көрүш кыйын.

Өрт жүрөк болсоң дагы өлүш кыйын.
Өлүмдүн келээрине көнүш кыйын.

Өзүңдүн өлөөрүңдү билип туруп
Өлүктү,
        күрөк алып
        көмүш кыйын

Арга жок, кемибөөгө бөксөрбөөгө.
Арга жок азайбоого, өзгөрбөөгө.
Өзгөчө умтуламын эмнегедир
Өлүмдү мүмкүн болсо эскербөөгө.

Арга жок ажырашып айрылбоого.
Арга жок өкүнбөөгө кайгырбоого.
Өзүмдү алаксытам ар убакта
Өлүмдүн темасына кайрылбоого.

## КЫШКЫ ТУЮМ

Тегирмени бороондун
иштеп турду.
Тетирленип,
        кышкы суук
тиштеп турду.
Жыйындысы күрткүнүн көтөрүлүп,
Жылуулукту —
        жылуулук
издеп турду.

## САНСЫЗ КАНАТ

Көгүчкөндөр
Асманга жайнап кетти.
Көктүн бети
көп канаттан кайнап кетти...

## ДАТ БАСКАН КАР

Мезгил — кышты атказган,
Жаз келиптир бат баскан.
Сансыз тамган тамчыдан,
Сары карды дат... баскан.

## ТАМЫЛЖЫГАН ГҮЛКАЙЫРЛАР

Тигинде,
Гүлкайырлар гүлдөп турат.
Тикенди да,
Гүлдөөгө үндөп турат.

Тамылжып
Гүлкайырлар гүлдөп турат.
Ташты да,
Гүл ачууга үндөп турат.

## ЖАЛГЫЗ ЫР

Кубулжуган жалгыз ыры бар.
Комузунда жалгыз кылы бар.

Болушунча, жетишинче убактым
Боюм балкып, угам ырын булактын.

Жаның эрип бараткансыйт чынында,
Жалгыз булбул ырдап жатат кылында.

## ТАППАДЫМ

— Жазганы,
Жан жеталбас чоку! — дедиң
Жакшылап,
Жатып-туруп оку! — дедиң.

...Тасырайган
Муз жатат таздай кашка...
Таппадым
Қасиетти андан башка.

## ЖАШТЫК КЫЯЛ

Жагалданып жашап жүрөм калаада,
Жакут шакек жарк-журк этет салаада.
Мурункудан ашып түшүп зоболом...
...Мунун баары...
...кечиресиз...
санаада...
Күмүш моюн шампандардан шыңгытам,
Күмүш канат самолётто дыргытам.
Боорум ооруп, бош жүрүшкөн досторго,
Боо-боо кылып он сомдукту ыргытам.

Аябаймын, каалашынча алышсын,
Ак «Волгага» түшүп алып жарышсын.
Каалап калган сатып алып буюмду,
Кавказдагы курортторго барышсын.

Ким багынбайт сулуу кыздын эркине,
Кийген кийми жарашыптыр көркүнө.
Бекер турбай, беш миң сомдук сөйкөнү,
Белек кылып тапшырамын селкиге.

...Түшүп калган батинканын таманы,
Түгөнгөнсүйт жаш акындын амалы.
Кыйналганын, каржалганын сездирбей,
Кыялкечти алга сүрөйт заманы.

Көк чайнекке суу койгондон эринип,
Көктү тиктеп, көп ойлорго берилип,
...Кары-жаштар эмгегиме суктанып,
Кабинетке иштеп жатам керилип.

...Жагалданып жашап жүрөм калаада,
Жакут шакек жарк-журк! этет салаада,
Мурункудан ашып түшөт зоболом,
...Мунун баары...
кечиресиң...
санааада...

## КҮН ЖАНА КОРОЗ

Күн ушунча илбериңки... уяттуу,
Күн көлчүктө — күн карама сыяктуу.

Короз шаңшыйт тоодой олжо тапкансып,
Күндү чокуйт, күн карама чаккансып.

Короз үнү кээде кескин, кээде ичке,
Койколоңдойт жеткен өңдүү жеңишке!

## БЕРАЛАБЫ ТУРУШТУК?

Ашуу аштык,
Уйпаландык,
бырыштык.
Ар максатка
Жетиш үчүн тырыштык.
Каржалбаган
Азаматтын эркине,
Кандай күчтөр
Бералмакчы туруштук?

## ЖҮК САЛМАГЫ

Келе жатам
Бети-башты түк басып,
Кежигемден
былкылдатпай
жүк басып.

Көңүл айнып
Тизелерим бүгүлдү,
Көтөралбай
Кыйналамын жүгүмдү.

Тоо көтөрүп
Келаткандай жонумда
Табылгыдан
Таягым бар колумда.

Очорулуп...
Барчуу жерден кечтедим
Ошондо мен
Чыңгыз
　　　Сизди
эстедим.

Эстегенде...
Сиз көтөргөн салмакты
Элестетти
Менин жүгүм камгакты.

Сиздин жүктү,
Арзыйт тоого теңешке.
Менин жүгүм,
Окшой түштү кебезге.

Канаттуудай
Кадамдарым тездеди,
Камгак тура,
Жүктү жонум сезбеди.

## БИРИНЧИ МАЙ ИЛЕБИ

Чайнек, чака калдырап
Стакандар шаңгырап,
Муз аянты бош калып
Мурчуйгансыйт жалдырап.

Селкинчектер тебилип
Секин,
        бучур чегилип.
Айланага кыздардын
Атыр жыты себилип.

Семичкелер чагылып,
Сезим кайра жаңырып,
Каңгып кеткен жаштыгың
Калат кайра табылып.

Жакшылыкта тилеги,
Жаштык — жашоо тиреги.
Бийиктеткен көңүлдү
Биринчи май илеби!

## ТАГДЫРГА ӨТҮНҮЧ

Опсунуп
Суранбаймын бүтүнүнөн...
О, тагдыр
Берип койчу күкүмүнөн.

Суранбайм
Өгүздөйүн, букадайын...
Суранам
Катырмадай жукадайын.

Суранбайм
Төөдөйүнөн, пилдейинен...
Суранам
Бөдөнөдөй, чилдейинен.

Суранбайм
Тоодоюнду, доңдөйүндү...

Бербегин
Бирок дагы көңдөйүңдү.

Берсең бер
Сапаттуураак күкүмүнөн.
Бербегин
Жамсагынан бүкүрүнөн.

Суранбайм
Бадырагын дандуураагын...
Суранам
Аз да болсо жандуурагын.

Күтпөймүн
Алтыныңды, күмүшүңдү
Күкүмдөй...
Өзүнчө бер үлүшүмдү.

Ыр менен
Багат ырчы көмөкөйүм.
Ырыстын
Жакшы көрөм жөнөкөйүн.

Талпынып
Жеткибиз жок бүтүндөйгө...
Тагдырым
Биз ыраазы күкүмдөйгө.

## БҮТПӨС ӨМҮР

Терек сулайт,
Бирок жайнайт чырпыгы!
Бүркүт кулайт,
Бирок сайрайт чымчыгы.
Бүркүт өлдү,
Куур калган жок алакан.
Уясынан,
Канат серпет балапан.

## ӨЛӨРМАН

Өчөөр оттун —
Устү күйөт.
Өжөрлөнүп —
Күчтүү күйөт.

## ТОСКООЛДУК КӨП

Токсон тогуз
    ашуу күтөт,
        талбагын!
Тобокел! де
    тормоз берип калбагын.
Тоодон өткүн.
    Дайра кечкин,
        Бирок да —
Тоскоолдукту
Өзүң жасап албагын.

## КЫЗГЫЛТЫМ КЕЧ

Жүрөгүм
Дүкүлдөтө кагып турду.
Жүзүмө
Күндүн нуру жагып турду.
Кырманда
Кыз-жигиттин турпатынан,
Кызыл дан
Жамгыр болуп агып турду.

## ТҮШҮМ ЖЫЙНОО

Ырдайт малчы боз үйдүн жаап үзүгүн,
Ырдайт селки жыйнап жүрүп жүзүмүн.
Ал учурда акын дагы берилип,
Арзуу менен жыйнайт ырдын түшүмүн.

Аяш келет тезек салып кабына,
Анан малчы жылынат от табына.
Ак эмгегин көрүп туруп булардын,
Акын эргип сапты кошот сабына.

Берешен эл баткан кезде жыргалга,
Бейкутчулук батпай калган кырманга.
Кой үстүнө жумурткалап боз торгой,
Коюн-кончу толуп кетет ырларга!

...Кампага эл ташып алма жүзүмүн,
Калтырбастан бир да данын, үзүмүн.
Акын дагы ал учурда тынч албай,
Алпурушуп, жыйнайт ырдын түшүмүн.

## ЖАЗГЫ ТУРУМ

Жагымдуу,
Добушу бар күркүрөгөн.
Жанданып,
Жан-жаныбар дүркүрөгөн.
Кылтыйып,
Көзүн ачты байчечекей,
Кыш бою
Кар алдында зиркиреген.

## КАТА ТҮШТҮ

Булуңга
Бир аз мурда киши чөктү.
Булуттар
Чүмкөп калды дароо көктү.
Калтырайм
Калагымды таштай коюп,
Катыптыр
көлдүн үстү
таштай болуп.

## АЙТЫП БҮТКҮС ЖЕҢИЛДИК

Балалыкты көз алдыман чубатып,
Балтыркандан мылтык жасап, суу атып,
Көлөкөлөр тарап кетип сезимден
Көңүлүмдү алчу болдум жубатып.

Капа билбей «кара сууга семирдик».
Кармайбыз деп айга дагы теминдик.
Ак маңдайлуу балалыктын деминен
Айтып бүткүс пайда болот жеңилдик.

## БИР НЕМЕ

Бир жаман ооз —
Кемсинтем деп бирээрди...
Кир жаман ооз —
Кейитип алды бир элди.

## ТАЗА СЕЗИМ

Таасын сезип замананын илебин
Таза болсо, кирсиз болсо тилегим,
Чалчыктагы кочкул сууну көрсөң да
Чаңкаттырган булак болот... билемин...

## КӨКӨЛӨЙТ ЖАЗДЫН СӨӨЛӨТҮ

Жаз жели баарын кыдырат,
Жамгыры кошо дыбырап
Обого үндөп торгойду
Ойготту баарын шыбырап
Бүлбүлдөп гүлдүн карааны,
Бүчүрлөр чыкты жыбырап.

«Сөөлөттүү кыштын» дарманы,
Сөгүлүп түштү ыдырап.

Жоктордун баары табылган,
Жогортон
жарк! — деп чагылган,
Термелип жаздын мээрине,
Терезе жокко —
жабылган.

## БӨЛӨГҮРӨӨК КӨЗ КАРАШ

Ошол ырлар
Нечен ирет ырдалган
Ошол эле
Өктөм сезим кырданган...
Ошол турпат
Ошол эле түспөлдөр
Үстү гана
Бөлөгүрөөк сырдалган.
Баарысы тең
...Башка жарык
Башка көздөр нурданган.

## КҮЛҮҢДӨДҮ

Адырлардын
Кызгалдагын жайнатып,
Асмандата
Торгойлорду сайратып,
Ала-Тоого
Ажарланган жаз келди
Аскалардын
Арашанын кайнатып.

Кумурскадай
Кайнап турган тирилик...
Куюн ойнойт —
Кудум эле чимирик!
Күдүңдөдү
Төрт түлүктүн кучагы
Күндүн нурун
Балкылдата шимирип...

## ЖАҢЫЛАНУУ

Жаңылануу —
Эки күчтүн кагылышы!
Жарк! этип
Каректердин чагылышы.
Жаңылануу —
Эскиликтин жаңырышы
Жаңылануу —
Жоголгондун табылышы.

Жаңылануу —
Жарык нурдун себилиши.
Жаңылануу —
Жасалманын тебилиши.
Жаңылануу —
Өзгөрүүнүн башталышы,
Өлөрман
Өнөкөттүн жеңилиши.

Жаңылануу —
Жаңы күчтүн теминүүсү.
Жаңылануу —
Жармач ойдун жеңилүүсү.
Жаңылануу —
Жаңы күндүн башталышы,
Жалтанбай
Алга кадам ташталышы.

## БӨКСӨРБӨ

Толукту да,
Кемтикти да көз көрөт.
Тоо жалпайып,
Толкуган көл бөксөрөт.
Гүлдүү талаа
Какыраган чөл болуп,
Күйгөн чөлдөр
Жашылданып,
               өзгөрөт.
Көл бөксөрөт
Бирок акын бөксөрбө!
Чөл өзгөрөт
Бирок акын өзгөрбө!

Куурдак болуп
Ысыгандан жер бети
Кургактыктын
Мыкчыса да чеңгели...
Бөтөнчө бир
Туш келсе да кыйындык
Бөксөрбөсүн
Акындыктын деңгээли!

Жетишкенди
Жеткиликтүү мактагын!
Жел жетпеген
Күлүктөрдү таптагын.
Ашып кетпе,
               кемип калба,
Калыс бол.
Ар убакта
Абийирди сактагын.

Көл бөксөрөт
Бирок акын бөксөрбө!

Чөл өзгөрөт
Бирок акын өзгөрбө!

Қалса дагы
Қулак укпай, көз көрбөй
Қанча сыйлык
Алса дагы өзгөрбөй
Қайран өмүр
Баратса да тайыздап...
Қалсын талант
Қадимкидей —
бөксөрбөй!
Қөл бөксөрөт
Бирок акын бөксөрбө
Чөл өзгөрөт
Бирок акын өзгөрбө!

## ЖАЙКЫ КҮН

Қынапталган баарысы
Қызыл, кулгүн, сарысы.
Бар турбайбы гүл сайын
Бал жыйнаган аарысы.

Күүсүн желге калкытып
Гүлдүн жытын аңкытып
Дегдеттирген жайкы күн
Дене бойду балкытып.

## КЕСИЛИШТЕ

Қумсарыңкы. Оңой эмес балага
Қулпу салып коё албайсың санаага
Желбиретип ак көйнөгүн шамалга,
Жеткиси бар селки турган калаага

Удургуган дуушар болуп санаага,
Учаар эле селки окуган калаага.
Бирок болбой чебеленет энеси:
— Бизди таштап кетесиңби талаага?

Буюктурат, буркан-шаркан ой келип,
Бульвар менен баскысы бар бой керип.
Ага калаа жыргал дүйнө сезилет,
Ат чаптырып жаткан өңдүү, той берип.

Кантип кетет колун шилтеп баарына,
Кантип калат энесинин каарына:
«Баарысын тең сатып туруп энеке,
Барсакчы дейт кыздын турган шаарына».

Саландатып башын төмөн түшүрөт,
Садагасы кыйналганын түшүнөт.
Кантет эне караманча кыйналат,
Кадам жылса, кан тамыры үзүлөт.

Жааган суроо кетиргендей шайын да,
Жаш жигиттин ахыбалы дайын да.
Жалынса да, жалбарса да болбостон,
«Жашабайм дейт шаардык кыз айылда».

Көздөн учкан колуктуга жеталбай,
Колун шилтеп арыш салып кеталбай.
Жолоочуга окшоп кетет жаш жигит,
Жолдо турган чоң дайрадан өталбай.

Жарык берген энекеси бириси,
Жандай көргөн колуктусу тигиси,
Таразанын кай табагы салмактуу
Табышмактуу. Тартып кетет кимиси?!.

Ичке кармап ызаны да, ачууну,
Издеп таппай, мындан кантип качууну,
Үргүлөгөн энесинин жанында
Үмүт менен тиктей берет ашууну.

## ЧЫГАРМАНЫН ТҮЙШҮГҮ

Иши жылбай жаткан сайын өчүгүп
Издеп,
  Таппай,
    Сызып,
        Қайра көчүрүп.
Топчудай бир ойдун данын табалбай
Тоону тоого...
    Акын жатты көчүрүп.


ОТТУУ
СЕЗИМ

## СИЗГЕ ТААНЫШ ЭМЕСПИ

Кыялкеч келип турам кашыңызга,
Кызыл лента жарашып чачыңызга.
Маанисин түшүндүрсөм байкабайсыз,
Махабат келелекпи башыңызга?

Айбыктым сурагандан жашыңызды,
Ай далыга төгүлтүп чачыңызды.
Тунуктуктан жаралган сүйүү күчү,
Тумандата элекпи башыңызды?

Буйругу махабаттын жазымыштан,
Буйдалам, сылай албай чачыңыздан.
Чынардай көкөлөткөн күчтүү сезим,
Чын эле өтөлекпи башыңыздан?

Амалсыз, бийлеп алып акыл-эсин,
Ар дайым коштоп жүргөн жаштык кезин,
Силкинтип жан-дүйнөңдү багындырган
Сизге тааныш эмеспи ушул сезим?

## ДАГЫ ЭЛЕ

Мен унутпайм.
Мезгил аны билеби?
Мээрим эле, жумшак эле билеги.
Алигиче айландырат башымды
Ак көйнөкчөн сулуу кыздын илеби.

Таңдайымда Шамшыкалдын тузундай..
Таалайымдын обологон кушундай...

Анда деле сени сүйүп жүрчүмүн
Азыр деле сагынамын ушундай.

Анда жүргөн курбулардын бири жок,
Алчалардын аңкып турчу бүрү жок.
Алдансам да,
адашсам да сени эстейм
Азыр деле көңүлүмдүн кири жок.

Жаз жаңыдан баш кылтайткан чагы эле,
Жамыраган байчечекей жаңы эле.
Жагымдуу кыз сени ээрчиген учурдай
Жазгы нөшөр куюп турат дагы эле.

## САГЫНЫЧТЫН ЗАРДАБЫ

Байкасам турмуш бизди кыстагыдай,
Багынбай назик сезим сыздагыдай.
Көрүнбөй кетеби деп чоочуласам
Көңүлүм тоңо түшөт тыштагыдай.

Жашообуз бизди далай кыстагыдай,
Жалооруп сезим далай сыздагыдай.
Жаркыным келбейби деп чоочуласам
Жайкы күн боло түшөт кыштагыдай.

## ТАБЫШМАК

Бардык түрү түгөнгөнсүйт амалдын,
Башым жетпей чытырманга камалдым.
Батыш, чыгыш түндүк жактан келеби
Баскан жолун кимдер билет шамалдын?

Карааныңды көрбөй турам дубалдан,
Көрөр көзүм коркосуңбу убалдан.

Катуу күткөн таалайымдын жылдызы
Качан чыгат уюлгуган тумандан?

Көкүрөгүн уяладың акындын
«Көгүчкөнүм көрүнчү!» деп чакырдым.
Баштагыдай табышмактуу мүнөзүң
Баскан изин кимдер билет закымдын?

## ДАЙРАСЫНДА ЖАШООНУН

Турмуш дайра тыным албай агылган,
Туш-тараптан түйшүк каптайт жабылган.
Төмөнү бар, өйдөсү бар жашоодо
Төбөбүздөн түшпөсө экен чагылган.

Турмуш өзү дайра сымал чамынган,
Туш тараптан үнү чыгат жаңырган,
Оң-тетири кезектешкен турмушта
Ортобузга түшпөсө дейм чагылган.

## АЛ ЖЕТПЕСТИК

Бүгүн мен тартынчаакмын, уяң дагы
Бүрүшүп талдай, калган кыяндагы
Кубулуп, миң түрлөнгөн мүнөзүңө
Кубалап жетпей калат кыял дагы.

Сезимим оролуп да, толгонуп да
Сени ойлойм түшүмдө да, ойгонуп да.
Сейрек го сен сыяктуу перизаттар
Сендейди жараталбайт ойлонуп да.

## ЖАШТЫГЫМДЫН ИЛЕБИ

Ойлордун тамчылары, саркындысы,
Ойлордун алакандай алкындысы.
Жаштыктын шарпылдаган деңизинен
Жагымдуу келип турду чарпындысы.

Орундап... орундалбай тилегимди
Ойногом, шапка тосуп билегимди
Ондогон жылдар өтүп кетсе дагы
Оттой ысык сеземин илебиңди.

Жаштыктын келип турат чамынгысы —
Жалама аскаларга кагылгысы —
Капкайда кетип калган жаштыгымдын
Кай бирде келип турат чамындысы.

## СЕНИН ЭЛЕСИҢ

Ишенип кой,
сөздөрүмдө жалган жок
Каректерим тиктегенден талган жок.
Бийиктикте бирге сызат элесиң
Бир кадам да,
самолеттон калган жок.

## КАЙЫҢ ЖАНА КЫЗ

Кайың — кызга
Кыз — кайыңга, ыкталып,
Кыз — кайыңга,
Кайың — кызга суктанып.

Экөөнүн тең
Чачы желге таралуу,
Экөөнүн тең
Жүрөктөрү жаралуу.

Бозой кайда?
Экөөн көрүп шыктанаар?
Бозой кайда,
Экөөнө тең суктанаар?

## КЫМБАТСЫҢ

Келишкен сымбатың,
Керилген кымбатым.
Аркарга төр кымбат
Балыкка көл кымбат
Ак жуумал сулуу кыз
Акынга сен кымбат.

Агарган таңдайсың
Акылдуу жандайсың.
Башканы билбеймин
Мен үчүн айдайсың.

Күн кымбат эл үчүн
Гүл кымбат жер үчүн.
Баарынан керексиң
Махабат мен үчүн.

## ТУРМУШ СЫНОО

Кыштын суугу бети-башты чымчылап
Кыз-жигитти, жигит-кызды кымтылап.
Анда жаштар суктанышчу силерге
Алмаздан да бекем дешип ынтымак.

Кыздын колу жумшак болчу кебезден,
Кызууланып, кынтык бир сөз дебестен.
Биригишип максат менен тилеги,
Бир мейизди өзү жалгыз жебестен.

Баскан кезде бир-бирине кыналып,
Бакта турган кош кайыңдай сыланып.
Бактылуу деп эсептешчү силерди
Бардык жактан өтүштү деп сыналып.

Тунгуюктан ашуулары өтөлбөй,
Турмушта бир толкун урса көтөрбөй.

Караманча махабатты унутуп,
Карайсыңар бир-бириңди бөтөндөй.

Эми коюп бир-бирине айыпты
Эл кеп кылып, эри менен зайыпты
Токтоналбай эки жакка качтыңар
Толкун келип бир урганда кайыкты.

## КӨРКТҮҮ СЕЛКИ

Көрктүү селки, көздүн жашын төгөсүң,
Көптөн бери капалыкка чөгөсүң.
Бурганак да нөшөр дагы басылат
Булут дайым чүмкөбөйт тоо төбөсүн.

Сүрдөп жүрүп өткөрөсүң көп күндү
Сүйүү сынайт мококту да өткүрдү.
Эркем, чөпкө махабаттын ыйына,
Элестеткен жайындагы өткүндү.

Тоо чокусу күн нуруна өбүлгөн.
Тоо дайрасы буурakандап көбүргөн.
Жакшынакай сулуу кыздын көз жашы
Жамгыр окшойт күн чыгаарда төгүлгөн.

Жаз келгенде бардык нерсе көгөрөт,
Жарык дүйнө жашыл түскө бөлөнөт.
Жакшылык бар жамандыктын артында,
Жаңы нерсе «баа!» деп ыйлап төрөлөт.

## СЕҢСЕЛГЕН КЫЗ

Селки жан,
Тилеп жүргөн ойго жеттиң.
Сеңселип,
көз тайгылтып
бойго жеттиң.

Махабат
Толсо деймин кучагыңа.
Майда жан...
Конбосо дейм бутагыңа.

Бийкечим,
Ачык сөздүн айыбы жок:
Бирок да
Бозойлордун дайыны жок

Калдаят
Төбө жакта кара булут
Калдыңбы
Махабаттан кокус унут?

## ЭСИҢДЕДИР

Биздин ой...
Эсиңдедир июндагы?
Бийликсиз,
Жалбырактай куюндагы...

Колумда
Жолго жүрчү чемоданым.
Бетимде
Изи турат помаданын...

## КЫЗДЫН СЫРЫ

Туура дечи анын сүрдөп шашканы,
Туйлап турса жүрөгүнүн жаш каны.
Сөзү кыздын айтып турса башканы,
Көзү кыздын айтып турат башканы.

Сыры кыздын белгилүү го жалпыга,
«Сынап билмей» айлангандай салтына.
Ишен курбум! жалжылдаган көзүнө
Ишенбегин «сүйбөйм» деген калпына.

## АЙЛАНАБЫЗ НЫМ ЭЛЕ

Чырагдандын алсыз көзү нымдалып,
Чыйрыктырып, кийген киймиң нымдалып.
Чытырмандуу санааларга арбалып,
Чыгып барам сен тарапка чыңданып,

Аба-ырайы турган менден сурданып,
Апаңдарга билинбестен уурданып.
Аста басып сен да мага келаттың
Ак маңдайың ай тийгендей нурданып.

Ак жаан тынбай, айланабыз ным эле,
Анда биздин мамилебиз чың эле.
Оттой кылып жалындаткан махабат
Ошол күндөр болду беле чын эле?..

## КЫЯЛДАНУУ

Эшигиңди бекем жаптың киргизбей,
Эриниңдин алоосунан сүйгүзбөй.
Сиз жашаган терезенин түбүндө
Сирень болуп жайнап турсам билгизбей.

Кыймылың тез басканыңдай улактын,
Кыялданам болушунча убактым.
Суктандырган татынакай жүзүңдү
Суусу болуп чайкап турсам булактын.

Санаа курчап сенин бардык жагыңда,
Сабырың суз болуп турган чагыңда.
Саамайыңдан салкын желдей аймалап,
Сайрап турсам булбул болуп багыңда.

## БААРЫСЫНАН БАРКТУУСУҢ

Коштошоордо...
Курбум турдуң кубарып,
Поезд кетти. Жолдор жолго уланып.

Қолдон келсе дайра болуп Нарындай,
Қоштоор элем сапарыңды кубанып.

Баратасың Қазахстан түсүндө,
Байкаганга, сагыныч бар жүзүндө.
Қандай алыс жолугушчу убакыт,
Қайтам дедиң келээр жылдын күзүндө.

Қелишимдүү келбетиңе арбалып,
Қеталбастан калып калдым кармалып.
Жами, Саади, Хафиздердин ырлары,
Жазылгандай жалгыз сага арналып.

Таңгалдырган кереметсиң көңүлдө,
Талыктырбас кубат болуп өмүрдө.
Ысмы чыккан кыргыздын бүт акыны,
Ырдагансыйт жалгыз өзүң жөнүндө.

Баарысын сен жактырбастан чангандай,
Баары сага ашык болуп калгандай.
Қыргыздагы обончунун баарысы,
Қыялданып сени күүгө салгандай.

Татына кыз тиктеп турсаң сүзүлүп,
Табият да суктангансыйт түшүнүп.
Сүйүнүшөт сүрөтчүлөр кудуңдап,
Сүрөтүңдү ойдогудай түшүрүп.

Адамдардын жашы дагы карысы,
Арасында ак, карасы, сарысы.
Саламатта болушуңду тилешип,
Сага гана суктангансыйт баарысы.

Қеберсиген сагыныч бар жүзүндө,
Келгичекти келээр жылы күзүндө.
Дайра болуп ага берет махабат
Дале болсо баягыдай күчүндө.

## ТУРМУШ ЫРГАГЫ

Жактырган. Жакканым
Бактырган. Бакканым.
Таарынсам жазылткан
Тагдырда тапканым.

Кыйбасым. Аярым.
Кыйналсам даярым.
Жаманып жашырып
Жакшымды жаярым.

Жашоосу кыйнаган
Жалгыздап ыйлаган.
Наадандык бүтөт деп
Намысын жыйнаган,
Жосунун кечирип
Жолдошун кыйбаган.
Катуу сөз тийгизбей
Кайра эле сыйлаган.
Жок болуп, бар болуп
Күн тийип, кар болуп
Бөдөнө сыяктуу
Бөлмөбүз тар болуп,
Азапты чектиң го
Акынга жар болуп.

Баш жакта. Мас чакта,
Башта мээ аз чакта.
Бир кечсең шиберди
Бир басып таштакта
Кадырың билинбей
Калгандыр жаш чакта.

Жамгырым, карымсың,
Толкунум, шарымсың.
Мүшкүлгө кабылсам,

Мүргүтпөс дарымсың.
Кыйындык туш келсе
Кыйбаган жарымсың.

Ачууң бар, мээриң бар.
Аксымдык жериң бар.
Кай бирде басылбас,
Каарыган кээриң бар.
Антсе да, ашынбас
Адамсың, дээриң бар.
Жагымдуу көктөмдө
Жазгы жел өпкөндө,
Кулпунтуп мактоолор
Кутуруп көпкөндө
Болбосо бүшүркөп
Бозоруп чөккөндөн,
Атамдан ажырап
Ачуу жаш төккөндө.
Күч алып күйүтүм,
Күрсүнүп күнү-түн.
Ошондо колдогон
О, жаркын үмүтүм!

Керемет. Мунарым.
Кетээрде кунарым.
Жөө калган убакта,
Жөлөнөр дубалым.

Кайгымда тең болдуң
Каржалбас дем болдуң.
Башымды жөлөгөн
Байкушум сен болдуң.

Жактырган, жакканым,
Бактырган, бакканым.
Таарынсам жазылткан
Тагдырда тапканым.

## ЖАЗГЫ СЕЗИМ

Күүгүм.
Жаз.
Ала-шалбырт.
Күйчүүдөй...
жүрөк жалбырт!..
Тээ көктөн...
күн «күр» этсе,
Терезе этет калдырт.

## ӨКҮТТҮҮ МАХАБАТ

Көйкөлүп гүлдөй буралган,
Көкөлөп кечээ кубанган.
Көз жашын төгөт сулуу кыз,
Көңүлү калып уландан.

## САГЫНЫЧ САПТАРЫ

Канатты сабай берип оолукканда,
Каректен туман тарап,
соолукканда.
Таанышпай калабызбы чоочун болуп
Талпынып
издеп жүрүп жолукканда.

* * *

Кайгынын туманына уулукпастан,
Саргайып,
сабыры суз
буулукпастан
Түгөнүп калгычакты өмүр суусу,
Түбөлүк мени күткүн унутпастан.

* * *

Өзүңдү арал сезип унутулган,
Өксүгөн учуруңда улутунган.
Салаалап күн нурундай түшүп келем
Саргарган сагынычтын булутунан.

* * *

Алгандай бирөө минип тактыбызга
Аярлап, баа бералбай жакшыбызга.
Ашыгып аркы жээкке жетип алып
Суктандык артта калган бактыбызга.

## ОРУН БЕРЧИ ЧЕКИТТЕЙ

Кыз кареги
Сүрдүү карек
            Айды-күндү батырган.
Түпкүрүндө
            Сырлар жатат катылган.
Тоо, жылдыздар
            Толук бойдон баткан көз,
Толгон токой
            Сыр түйүнүн каткан көз.
Ачуу сезим
            мени кыйнайт өкүттөй,
Кыйнабачы,
            карегиңди
            кирпик менен бекитпей.
Мелмилдеген
            дайра баткан көзүңө
Менин гана элесим
Орун таппайт чекиттей.

## БИЙКЕЧКЕ

Бийкечим көңүл салыңыз,
Бир азга токтой калыңыз.
Күлүңдөй түшсүн теребел
Гүл жытын кабыл алыңыз.

Талпынып кызыл гүл өстү,
Татына, сылык мүнөздүү.
Ар дайым булбул сайраган
Аянтым сенсиң күнөстүү.

Келбети сүйкүм жаркыным
Кебездей жумшак алкымың.
Кайнаган ысык калаада
Кабыл ал тоонун салкынын.

Апапак манжаң билегиң,
Айрыкча тунук тилегим.
Камыгып кетсең сергитсин,
Кабыл ал суунун илебин.

Арчага боюң ыкталып,
Акындар сенден шыктанып.
Асылкеч сенин көркүңө,
Ар бир жан жүрөт суктанып.

## САМАТТЫРАТ ЭЛЕСИҢ

Сен жөнүндө
Ырдап жатам күүгүмдө
Сербеңдеген
Аарылар жок гүлүндө.
Кумарданып
Бир өзүңө тартылуу.
Кубулжуду
Жүрөгүмдө жүлүндө.

Калтаруу бар
Гитаранын үнүндө.
Кайык минип
Чыгыш кыйын түнүндө.
Капысынан
Унутту деп ойлосом...
Калгансыймын
Караңгынын түбүндө.

...Агаруу бар
Айсыз түндүн түбүндө.
Аары жайнап
Гүлкайырдын гүлүндө.
Канат жайып
Учуп келет ак чардак
Кана селки
Кадимкидей күлүңдө.

## НАРИСТЕ

Апакесин айланчыктайт «эселек»
Айлуу түндүн кучагына безе элек.
Абдан мыктап жактырганы бал муздак
Ал анткени сүйүү даамын сезелек.

Чатак салбайт кийим кийсе жупуну
Чачын өрбөйт күзгү карап утуру
Келелек да секелектин башына
Кереметтүү махабаттын учуру.

«Күйгүлтүккө» түшүп алып тымызын,
Күндүн тиктеп батыш менен чыгышын.
Алоолонгон махабатты сезелек...
Анча-мынча укса дагы шыбышын.

Жибин чубап... санааларга бата элек,
Жигит көрсө каректерин ката элек.
Аппак бойдон, тунук бойдон сезими
Азырынча сүйүү даамын тата элек.

## БАЛТАНЫН ИЗИ КАЛДЫ

Албырып
Алдамчыны коноктодуң.
Ар кимге
Аны мактап жомоктодуң.
Алданып
Калганыңды түшүнгөндө
Ажырап
Ишенчиңден шолоктодуң.

Убакыт
Жыргал эле, сонун дагы,
Уйгакты
Гүл! деп алып жолундагы,
Балтанын
Изи калды тамырында...
Баланды
Алдейлейсиң колундагы.

## ТҮСТҮҮ ПАРДА

Жазганып...
Из калтырдык жаңы карда,
Жаштыктай
Жарашыктуу жашыл парда.

Жаркылдап жетип бардым,
Жалын барда.

Жалбырттап
терезеңде
Кызыл парда.

Сагынып
Учуп жеттим убак тарда.
Салбырап
терезеңде,
Сары парда.

Калтырап
карап турдум,
Бороон-карда
Караан жок...
Терезеңде
Кара парда...

## ОКШОБОСТУК

Баскан жолум
Эртели-кеч тосмолойсуң,
Башкаларга
Эмнегедир окшобойсуң.

Көчөдөн
Баскан жолум тосмолойсуң
Көңүлдү
Бир башкача козголойсуң
— Эндигим! — деп
Коёсуң күлүмсүрөп
Эмнегедир
Башкаларга окшобойсуң.

Жакындап
Далай сырды козголоштук.
Жакшы да
Башкаларга окшобостук.

## МЕНДИКСИҢ

Көп жигиттер бирин-бири демитип
Көпүрүлөт намыстарын кемитип,
Көздүн жоосун ого бетер аласың
Көркүң менен жүрөктөрүн эритип.

Канча жигит сени сырттан талашып
Карааныңды бир көрүүгө самашып,
Камырабай басып өтүп кетесиң
Кала берет капкаякта адашып.

Аппак жүздү ажарланткан эндиксиң,
Акты-кара кылбай турган теңдиксиң.
Жайнай берсин сени сүйгөн жигиттер
Жалгыз гана бул дүйнөдө мендиксиң.

## «СҮЙГӨН» КЫЯК

Жалооруба кыяк үнү кыйылба...
Жанга сүйкүм добушуңдан тыйылба!
Айлуу түндө ашыктарды уктатыш
Азыр сага абдан турат кыйынга.

Сүттөй аппак жайдын жумшак түнүндө,
«Сүйгөн» кыяк сыздайт кайың түбүндө.
Берилгениң бир аз келээр кечигип,
Безеленгин,
созолонгун, түңүлбө!

## МҮМКҮНЧҮЛҮК

Мен дагеле,
Сен! — деп добуш беремин
Мен сендикмин

Мен баягы элемин.
Мүмкүнчүлүк
Болсо дагы барамын
Мүмкүнчүлүк
Болбосо да келемин.

Санааларга —
Санааларды кошоорсуң.
Сагынычтан...
Мен барганда бошоорсуң.
Мүмкүнчүлүк
Болбосо да жол карап
Мүмкүнчүлүк
Болбосо да тосоорсуң.

## АЯЙМ СЕНИ

Аяйм сени
Учуп кете тургансып,
Аяйм сени
Сынып кала тургансып
Аяйм сени
Эрип кете тургансып
Аяйм сени
Ооруп кала тургансып
Аяйм сени
Соолуп кала тургансып,
Қокусунан бөлөк гүлгө
Қонуп кала тургансып.

## ЧАКЫР, КЕЛЕМ

Жүгүрүп мезгил деген зыпылдаган,
Жүрөктөр саат белем чыкылдаган.
Телмирип кызыл гүлдү колго кармап
Терезе тынчы кетип тыкылдаган.

Убакыт ушунчалык зыкым белен
Уттурбас көз ирмемди тыкыр белен.
Желбиреп тосуп турчу кызыл гүлдөр,
Жер түбүнөн болсо да чакыр!
Келем!
...Жүдөтүп жүрөк сааттай чыкылдаса,
Жүгүрүп мезгил тынбай зыпылдаса.
Жалбырттап күйгөн турам алоосуна
Жаштык кез тереземди тыкылдатса.

## КОШТОШООРДО

Айтаар сөз калгандай түгөнүп
Айлана көө сымак түнөрүп
Акыркы тиктешкен көз караш...
— Аман бол түбөлүк!
Түбөлүк!..
...Арман күү
ортодо күбөлүк.
Аска да, адыр да түнөрүп
Ак нерсе калгандай түгөнүп.
Аскалар
аймактар жаңырат:
— Аман кал, түбөлүк!
Түбөлүк!
Караңгы капталдап, кыялап
Каалаган нерсесин сыялап...
Канчалык аракет кылса да
Калбасын жүрөктө уялап.

## КАТ ЖАЗАМЫН БУЛУТКА

Калбайын деп
Кокусунан унутка.
Кат жазамын
Апапакай булутка.

Кара көзүм
Көңүл бурсаң кечинде
Кат жазылуу
Булуттардын бетинде.

Тамылжыырсың
катым жакса...
булуттай
Татына кыз
Жообун бергин унутпай.

## СУКТАНБООГО МҮМКҮНБҮ

Жактырамын жарашыктуу күлкүңдү
Жаңы көйнөк кийиптирсиң түркүмдүү.
Сени көрүп суктанбаган бозойду
Жер жүзүнөн издеп табыш мүмкүнбү?

Ак кептердей кылактасаң жүйөлүү,
Арданышаар перизаттар күйөөлүү.
Сени сүйүш ар жигиттин милдети
Сүйбөгөндөр кечиримсиз күнөөлүү.

## ТАПСАМ ДЕЙМ

Жолуксам сага ардагым,
Жоголот ичтен арманым.
Татыктуум! Сага сунууга
Тапсам дейм ырдын маржанын.

Маанисин ойдун түшүнтүп...
Максатты койбо үзүлтүп
Мончоктой кылып ырымды
Мойнуңа таксам тизилтип.

## КУНДУЗДУ КУРОРТТО ТАМАШАЛАП

Арак жок акылымдан адаштыраар,
Алдыртан акырайта караштыраар.
Антсе да абайлайлы, эркетайым
Атам жок «акыйлашсак» жараштыраар.

Арак жок экөөбүздү «сен» дештирээр.
Айбанга жубайыңды теңдештирээр.
Антсе да, байкайлычы эркетайым
Апам жок, «аркырашсак» элдештирээр.

## СЕҢСЕЛГЕН ГҮЛДӨР

Секиден агып булагы,
Секирип тентек улагы
Сен сүйгөн жайлоо бул кезде
Сеңселип турган убагы.

Оюм жок үзүп, терүүгө,
Обдулуп чыгам көрүүгө.
Сеңселип турган кырдагы
Сен сүйгөн гүлдү көрүүгө.

Үлпүлдөк гүлдүн баары бар,
Үстүндө калкан, аары бар.
Балтыркан, шимүүр, жалбыздар
Баарысы сага таанымал.

Саамайды сылайт жел келип,
Санатсыз чөптөр термелип
Жүгүнүп гүлдөр ажарлуу
Жүрөккө турат дем берип.

## АЙКӨЛ СҮЙҮҮ

Суктандырып эрдиндеги эндиги,
Сулуулардын сулуусусуң эмдиги
Ар ким сага таңданууга акылуу
Ал сүйүүнүн айкөлдүгү, кеңдиги!

Кандай көйнөк кийсең дагы жарашат,
Канча жигит кезигүүнү самашат.
Алоолонтуп махабаттын илеби,
Ар ким сени өзүмкү деп санашат.

Ажарлантып эрдиндеги эндиги,
Асылдардын асылысың эмдиги.
Ар ким сага суктанууга укуктуу.
Ал сүйүүнүн айкөлдүгү, кеңдиги.

## КАРДАГЫ ЫСЫМ

Капкачан унтуп мээлейин
Калемдей кылып сөөмөйүн.
Сүйүүнүн көрчү ысыгын,
Сүрөгөн алга, кызыгын...
Секиде карга бир бозой
Селкинин жазат ысымын.
Калемпир окшоп манжасы
Карачы оттой кызылын!

## АЯП КЕТЕМ

Аяп кетем ала качкан күйөөнү
Ак келинге койбойм бирок күнөөнү.
Көзү сени тиктесе да баары бир
Көрүп турса сенден бөлөк бирөөнү.

Эстей берип көңүлүндө түйгөнүн,
Эмне кылат унталбаса сүйгөнүн.
...Эч ким билбейт жүрөк ыйлап турганын
Эч ким көрбөйт жүрөк оту күйгөнүн.

## КУМАР КӨЗ

Добушуң күмүш сымал,
Жагымдуу шыңкылдаган.
Саамайың кундуз сымал,
Кулпунуп, жылтылдаган.
Жибектей назик селки,
Сүрдөнтүп көз карашың
Жигиттер ашык болуп
Жүрөктөр зырпылдаган.

Самайбыз бир көрүүгө
Саргайып эзилебиз.
Сагалап арттан ээрчип,
Сабактан кечигебиз.
Ансайын алыстайсыз
Ансайын керилесиз,
Адамдын колу жеткис
Аскадай сезилесиз.

Апаппак жел кайыктай,
Алыста калкылдаган
Күн тийген зоока сымал,
Күзгүдөй жалтылдаган.
Кумар көз карындашым
Курдаштар ашык болгон.
Кубулжуп добушуң ай,
Кулакта шаңкылдаган.

## КАНТИП КАРМАЙМ ШАМАЛДЫ

Айрып салдым,
Окубастан катыңды.
Ант беремин
Атабаска атыңды.
Бирге түшкөн
Тытып салдым сүрөттү,
Бирок кантип
Баш ийдирем жүрөктү?
Кантип табам
Колдон келбес амалды,
Кантип кармайм
Колум менен шамалды?

## КӨГҮЛТҮР КӨЛДҮН БОЮНДА

Ашыктырып дегдетип
Ак кеме менен сен кетип,
Жайдын жели жароокердей
Жалбыздын жытын селдетип
Жүгүрүп элпек толкундар
Жүрөктү турду терметип.

Тосуп чыгып таңынан
Тоо суусунун жанынан,
Кынаштырып гүл сундуң
Кызыл, жашыл, агынан.
Ажарланган жайдын таңын
Алигиче сагынам.

Тоскоолдорду жеңем деп,
Тосомун жолун элеңдеп,
Көл жээгинен айткан элең
«Көк кайык минип келем» деп.

Жоогазын терип жүрөмүн
Жолуккан кезде берем деп.
Колуң мага узаталбай
Коштошо турган кезиңде,
Алдабас үмүт сыяктанып
Ай калкыйт көлдүн бетинде.

Көлдүн үстү көгөрүп
Көркөмдүү бойго чөгөрүп,
Каш карайып калгычакты
Кайыңга бирге жөлөнүп,
Жадырап турдук ошондо
Жалындуу ойго бөлөнүп.

Көрктүү тоолор койнунда
Көл кылаасы сонун да!
Сергектентип сезимди
Сен турасың оюмда
Жакын калды жолукчу кез
Жашыл көлдүн боюнда.

## СЕЛКИЛЕР

Башынан урматтайбыз селкилерди,
Баарынан бийик баалап эркиңерди.
Ашыктар ар убакта ырдай бермек
Айга да, күнгө теңеп көркүңөрдү.

Жагымдуу, жарашыктуу күлөсүңөр
Жайдары, жагалданып жүрөсүңөр,
Айрыкча бозойлорду кумар кылат
Адептүү, уялыңкы мүнөзүңөр.

Ар качан бозойлорду сынайсыңар
Антына абдан көптө ынайсыңар
Жаштыктын жалындаган илебиндей
Жайдагы тоо желиндей сылайсыңар.

Аземдеп гүл сунамын өзүңөргө
Айбыгып, тик карабай көзүңөргө
Апаппак сүйүүсү бар бозойлорду
Ар дайым сактасаңар эсиңерге.

## УНУТУЛБАС ЭЛЕСТЕР

Карай берип карегимди талдырган
Кар басылбай элегендей калбырдан
Кыздын жүзү кандай гана жагымдуу
Кышкы сууктан кызыл гүлдөй албырган.

Адырларга аяз чачып бубакты
Алда качан айнектеген булакты
Улан, кыздар кар чачышып ойногон
Унтулабы ушул жыргал убакты.

Кыздын мээри жумшак эле тыбыттай
Жигит көөнү аппак эле булуттай.
Жүзүбүздү бырыш басып калса да
Жүргүм келет ошол кезди унутпай.

## ТҮГӨЛСҮҢ МЕНИН ОЮМДА

Аттан жаңы түшөм да,
Атка минем.
Кат жазып жөнөтөм да,
Катка кирем.
Асылкеч,
Ар бир айткан сөздөрүңдү —
Алыкулдун ырындай
Жатка билем.

## ЖАРЫК КЫЛЫП ЖИБЕРДИ

Арсайган түн каптап гүлдү, шиберди,
Алып кетти сен болжогон дигерди.
Ак жуумал кыз сенин жаркын элесиң
Айланамды жарык кылып жиберди.

## ӨРҮКТӨР ЖААГАН МААЛЫНДА

Өзгөчө жылдыздар жыбырап,
Өрүктөр жааганда дыбырап,
Аптыгып, махабат сөздөрүн
Айтамын акырын шыбырап.

Аваздуу бозойдун кыягы
Аяныч үнүндөй сыягы.
Алгачкы наристе сезимден
Алдастайт селкинин кыялы.

Толгон ай теректин учунда,
Толкундап жүрөктөр ушунда,
Өзүңдү «сүйөм» деп айтканмын
Өрүктөр төгүлгөн учурда.

## МАХАБАТТЫН БЕШИГИ

Тамаша

Кыйналтып сүйүү биздин өткөн баштан,
Кыдыртып алып өткөн аска-таштан.

Канаттуу сүйүү доору келет башка,
Карабайт мансабына кары-жашка.

Сүйгөндү дайым турат көргүң келип,
Сүйбөсө ызаланып, өлгүң келип.

Кылычтай учурунда жалаңдаган,
Кыздардан сүрдөнүп, баш салаңдаган.

Жаш кезде далай жолу сандалганбыз,
Алдап да, алда нечен алданганбыз.

Эшигинен бир эмес, жүз өткөнбүз,
Эртели кеч «женпедди» күзөткөнбүз.

Сулууларга кай бирде жанашканбыз,
Сулууларды талашып, сабашканбыз.

Карышкырча алыстан карашканбыз,
Кайрадан учур өтүп жарашканбыз.

Кыздарды ар кимдерден чакырышып,
Кылтылдап алар чыкпай жашынышып.

Бул аянт — театрды алмаштырган,
Селкини бозой менен арбаштырган.

Кандайча сулуу кыздын ынаганы,
Какшатып көп күттүрүп сынаганы,.

Каңырыш бир чакырсаң «укпай» калып,
Какшатып бир чакырсаң чыкпай калып.

Каалганын жанынан жүз өтөсүң,
Кароолчудай кадимки, күзөтөсүң.

Бирөөлөр кеткен десе «байкесине»,
Бирөөлөр кеткен дешет «тайкесине».

Койгон бар эне-атасы кудалашып,
Кокуйлап ыйлайт анан кубалашып.

Бозойлор мында келген кыз уулашып,
Бозоруп жер тепкилейт ысуулашып.

Көк эшик көңүлдөрдөн кетпей калган,
Көп жигит, ашыгына жетпей калган.

Эшик жок. Ушул жердин эшигиндей,
Ушул жай махабаттын бешигиндей.

## БИР БОЛСОК

Улуган бороон чагында,
Уюлгуп туман таңында.
Сезбеймин кыштын илебин,
Сен болсоң менин жанымда.

Турмуштун алып сабагын,
Турса да жетпей тамагың.
Ашыгың жанда бар болсо,
Ачылат дайым кабагың.

Тырнактай үйүң тар болсун,
Тынымсыз бороон, кар болсун.
Сүйүнтүп турган көңүлдү,
Сүйгөнүң жанда бар болсун.

Ызгаарын төгүп жаш жанга,
Ызылдап бороон асманда.
Эмнеге санаа чегебиз
Экөөбүз чогуу басканда.

Кадамың кээде тосулуп,
Караңгы жатса созулуп.
Ээленген бороон кеп бекен,
Экөөбүз жүрсөк кошулуп.

## КӨТӨРГҮН СУЛУУ БАШЫҢДЫ

Көтөргүн сулуу башыңды,
Көп эле төкпө жашыңды.
Карачы тиги айнектен,
Какшаткан ызгаар басылды.

Кабагың бир күн ачылат,
Камаган кайгы басылат.
Чыныгы сүйүү жолугат,
Чыдагын дагы азыраак.

Күчтүү жел айдап булутту,
Күн нуру жерди жылытты.
Кечээки катуу бороондун,
Кермегин чөйрө унутту.

Улуса бороон түнөрүп,
Уланмак беле түбөлүк.
Кай бирлер кетсе түшүнбөй,
Калабы жигит түгөнүп.

* * *

Манчыркап басып туруптур,
Мактоого жедеп туnуптур.
«Мениз!» — деп сүйгөн кызына
Мээлейчен гүлдү сунуптур.


ОЙ
ТОБО

## КАЙМАНА САПТАР

Тил албайбыз —
Аткарабыз.
Кечиктик деп —
Бат барабыз.

Баш ийбейбиз —
Багынабыз.
Жолугушсак —
Сагынабыз.

Кубанбайбыз —
Куйунобуз.
Кайгырбайбыз —
Суйунобуз.
Бугулбойбуз —
Жугунобуз.
Чуркабайбыз —
Жугуробуз.

## БАШКАНЫ КУТПОГУН

Жакшылык жасаса кылайган:
— Мен сени чыгаргам ылайдан!
— Мен сени чыгаргам баткактан!

...Башка соз кутпогун акмактан.

## БАЗАРДАГЫ «БУЛБУЛДАР»

Казан сымал тыным албай кайнаган,
Кан базарда элдер жүрөт жайнаган.
Булбул өңдүү соодагерлер сезилет,
Бутак сайын безеленип сайраган.

Бака-шака. Палоо бышып казанда,
Базар ичи жакшынакай жасалга.
Соодагердин айтканына ишенсең,
Бир да жаман буюм жоктой базарда.

Мактоо сөзү туш-тараптан куюлду,
Мага булар торгой өңдүү туюлду.
Жамачылуу кепичин да «жаңы» дейт,
«Жаман» бир да табалбайсың буюмду.

«Алгының!» -- деп туш-тараптан мактаса,
Айлаң такыр кетет экен таптаза!
Карап турсаң кандай «булбул» соодагер,
Карганы да аппак кылат мактаса.

## ДҮКӨНЧҮНҮН АРМАНЫ

Арка жакка узак жолду калтырып
Арактарды алып келсек артынып,
Албай койду жайлоодогу малчылар
«Абийирибиз кетет» дешип, тартынып.

## «ЭЛ СЫЙЫ»

Алууга татыктуу сыйлыкты
Апкелди биз үчүн сыймыкты!

Баарынан татыктуу ушул! — деп
Баарынан кулагы узун! — деп,

Эң алгач алынып эсепке
«Эл сыйы» берилди эшекке.

## СОО ЭЛЕ ЖҮРӨТ

Байкушту койгулачы силкпей, какпай
Баарыңа калган окшойт иним жакпай.
Кыйкырбай, бакырбайле сопсоо жүрдү
Кыйналып үч күн бою арак таппай.

Өсүү жок, өйдө-төмөн кагылбаса
Өмүрдө адашпаса — жаңылбаса.
Инибиз дайым эле сопсоо жүрөт
Ичкенге арак такыр табылбаса.

## КЕҢЕШМЕДЕ

Жалтаңдап
Майдалыкка чарпылбастан,
Жаш чычкан
Чынын айтты тартынбастан,
Жекирген,
Коркуткан жок
мышык аны —
Жеп салды
чыпчыргасын калтырбастан.

## ЖАШОО КҮНҮ КЫРГЫЗДЫН

Жарым мүнөт убакыт жок кымындай,
Жаным байкуш чебеленет чымындай.

Дүйшөмбүдө өрлүктөймүн досумду,
Дүрбөп жүрөм союп алып козумду.

Шаршембиде шампан келет, кой келет
Шаңкылдатып кайнагабыз той берет.

Барам эртең тайкемкине түлөөгө,
Батам эгер барбай калсак — күнөөгө.

Бүрсүгүнү күтөм деди кошуна,
Бүгүн барам бажалардын досуна.

Тушоо тойго барыш керек жумада,
Талбаш керек, таштай бекем убада.

Ишембиде барыш керек кудага,
Ал жагынан таштай бекем убада.

Аңгычакты кирип келет жекшемби,
Азыр барып куттуктайбыз жездемди.

Той-топурда өттү да бир жумабыз,
Топук кылып жашообузга турабыз.

Алым калбайт жадегенде басканга,
Анан кантип чолоом тийет жазганга?

Көрүүсүндө, өрүүсүндө турмуштун,
Кээде ушундай жашоо күнү кыргыздын.

## АРСАР ЫРЛАР

Арыдан — берирек,
Бериден — арырак.
Агыштан — карарак,
Карадан — агырак.
Тардыктан — кеңирек,
Кеңдиктен — тарырак.
Жаңыдан — эскирек,
Эскиден — жаңырак,
Жаштардан — карырак,
Каргадан — карарак.
Түтүндөн — агырак,
Түлкүдөн — сагырак.
Келбети — таасирлүү,
Кептери — кесирлүү.

## САК БОЛОЛУ

Караңгыдай дүмүрөйгөн
Састумоодой шүмүрөйгөн,

Эргежээлдей итирейген
Эки көзү китирейген,

Көргөн кезде жыйрыласың
Кыш чилдедей чыйрыгасың,

Чукуп турат жарабызды
Бөлүп турат арабызды,

Өчү бардай баарыбызда
Жашап жүрөт жаныбызда,

Сак бололу жашыбыз да
Сак бололу карыбыз да,

Каалаганы жалаң кастык
Анын аты көралбастык

## «БИЗ» ЖАНА «СИЗ»

Ажаатың ачкан «Биз» элек.
Ал кезде «Ага», «Сиз» элек.
Бир кезде кетип «тайкелеп»,
Бир кезде сыйлап «байкелеп»,
Бир кезде болдук «байкеңиз»,
Бир кезде болуп «тайкеңиз».

Кызматтан мага тең болдуң,
Кыскасы сага «Сен» болдум.
Дардаңдап кээде каккылап,
Далыга калдың чапкылап.

Кызматтан калып кем болуп,
Кыйналып калдык жем болуп,

Демитип кирет күркүрөп,
Дене-бой кетип дүркүрөп.

Жасаптыр кийин кылмышты,
Жалп! этип иштен жылмышты.
Кантсе да күйгөн биз болдук,
Кайрадан «Байке», «Сиз» болдук.

## «ТАШКЫНДАГАН» ХАЛТУРА

Кейип-кепчип айткандарың,
                    ал туура.
Кекиртектен келип калды халтура.
Көлөм жактан ага жетпейт Ысык-Көл
Көпөлөктөй
        Нарын,
            Соң-Көл,
                Ак-буура.
О дүйнөгө
Кетелекте тумчугуп...
О сынчылар,
Койгулачы унчугуп.

## ООЛУКАНДА... СООЛУККАНДА

Туйгун ичип келген кезде урушуп,
Тунжурашып үй-бүлөсү турушуп.
Туфлийи болсо баткагынан көрүнбөй
Тумак калды улагада бырышып.

Такен бүгүн соо келгени билинди.
Тамак жасап үй-бүлөсү бүлүндү.
Туфлий үстү күзгү сымал жаркырап
Тумак дароо өз ордуна илинди.

## «ЖАШ ЖИГИТ»

Бет алдыман чыга калды тартайып
Белимчидей бели ийилген — картайып

Салам айтсам араң барып тааныды
«Көз айнегим жок эле» деп наалыды.

Эриндери дир-дир этип сүйлөсө
Эпкин менен учкан турат үйлөсө:

— Кара жыгач кейиптенип тартайып
Кайран досум калыптырсың картайып!

— Анын туура, карып калдым чын эле
А сен досум, көрүнөсүң тың эле.

Мени көрүп таңданганың эп тура
Сенин сөөгүң таштан дагы бек тура.

— Эмнеге мен карылыкка ашыгам
Эртең менен ар убакта машыгам

Чыдай албайм таза абада басмайын
...Чакчасынан алып чекти асмайын.

— Сенден туура улуу болом жети жаш
...Сезимдерин бир топ төктү «эки жаш»

Тамашанын түбүн сезбей кылчалык..
Тай берсе да кубанбастыр мынчалык

«Жигит» кетти тор баштыгын көтөрүп
Жанар тоону ашкан өңдүү жөтөлүп

Эски досун,
коюп мыкты кубантып
Эстүү киши жолун кетти улантып.

Канча жашын...
Байкабаган дулдулум!
Кандай жапжаш...
Көңүл деген кургурум!..

## «САБАТСЫЗ»

Ачуу чыкты анын үнү тилдеген:
— Айбан десе эч нерсени билбеген

— Он беш жылы алсаң дагы билимди,
Ойрон болгур, тайкылыгың билинди.

Оңой олжо тапкан жагын билбейсиң,
Ооматтууга жаккан жагын билбейсиң.

Калп болсо да — каткырганды билбейсиң.
Жакпаса да — жактырганды билбейсиң.

Активдерди сыйлаганды билбейсиң,
Анткорлонуп ыйлаганды билбейсиң.

Чоң келатса жүгүргөндү билбейсиң,
Чокуң ийип жүгүнгөндү билбейсиң.

Кеттиң эле, окуймун деп тил албай,
Келиптирсиң эч нерсени билалбай.

Жамсак жагын айта берсем санатсыз,
Жашоо жактан турбайсыңбы сабатсыз.

...Бирдемесин жулдургандай өкүрүп,
Бир жандими уулун жатты жекирип.

...«Окумуштуу» карыш салып кабагын,
«Окутууда» баласына «сабагын».

## ЭБЕПКЕ-СЕБЕП

Адегенде ичти
Институтка өтпөй калып.
Анан ичти
Сүйгөнүнө жетпей калып.
Анан ичти
Кызматын жуул.
Анан ичти
Аялы эркек тууп.
Анан ичти
Аялынан көөнү сууп.
Анан себеп табалбай
Абийирди такыр бууп.
Арактын артынан
Сая түшүп кетти кууп.

## НАСААТЧЫЛ

Акылга мелт-калт болуп толгондойсуң,
Акылман адамдардан болгондойсуң,
Ар кимге кеңеш берип,
насаат айтып
Аларды бирок өзүң колдонбойсуң.

## КЫЙНАЛГАН ДЕШЕТ

Кимдир бирөө
Арбын жыйнап мөмөнү,
Ачытыптыр
Ар кимден угуп жемени.
Акырында
Шарап даяр болгондо,
Кыйналган дешет
Табалбай ичер немени.

## ЭСЕЛЕКТЕР

Эч нерсени билишпейт,
Эч кимди көзгө илишпейт,

Кыналып...
        таза ыкташып...
Кыз-жигит турат жыттaшып.

Эл өтүп жатат тааныган,
Эселек ишке налыган.

Алардын элде иши жок,
Анткени,
Ааламда башка киши жок.

## «КӨЗӨМӨЛДӨР»

Турган чакта
Бороон улуп, кар болуп
Активдерди
Бир көрүүгө зар болуп,

Жамгыр төккөн
Ала-шалбырт тушунда
Активдерди
Көралбадык учурда.

Көңүл эргип —
        табияттан —
Толкундап,
Көрпө козу
Бышкан кезде солкулдап,

Жасай турган
Иши да жок кымындай,
Жаңылбастан
Каттай берип чымындай,

Актив деген
Батпай кетти жайлоого
Ар бирөөсүн
Апкелгендей «байлоого».

Көбүктөнгөн
Канча-канча күн өттү.
«Көзөмөлдөр»
Малчыларды жүдөттү.

## ЭКИ ИЧКЕН ЭПЧИЛ

Акпаган сууну шар кылат
Аптапты — бороон, кар кылат.
Жорголоп кетсе тим эле
Жок жерден дароо бар кылат.

Жыландай сойлоп кошуна
Жыйылтып калпты оозуна,
Чай кайнатып ичсем дейт
Тозоктун күйгөн отуна.

## ЭШЕКТИН АРМАНЫ

Эшек бүгүн арманын айтты чаңырып:
— Эбактан бери элге жүрөм таарынып
Эмнеге булбулду мынчалык мактайсыңар
Эки күн укпасаңар сагынып.
Анын үнү жапыз, басыңкы
А мен айкырсам
Аскалар кетет жаңырып.

Билермандардын оюнда
«Булбулдун үнү сонун!»
Бирок булбул жаңырта алабы
Арасын аска-зоонун?

## ЭЛПЕК ЖАН

Калпагы көзүнө кийилип,
Карыга, жашка да ийилип,
Эпилдеп-жепилдеп калыптыр
Эсептен калган соң чийилип.

## ХАСАН ЖАНА БАСАН

Хасан жашайт айылда
Айыл сыры дайын да,
Жарым мүнөт тынч албайт
Жаздыр, күздүр, жайында.

Басан турат калаада,
Толгон иш бар санаада,
Орум-жыйым маалында
Ой-санаасы талаада.

Сегизге аз калганда
Басан жөнөйт жардамга
Талаадагы түшүмдү
Таза жыйнап алганга.

Түйшүк да көп Хасанда
Түрүнүп таң азанда:
«Дарбыз, коонум сонун!» — деп
Даяр болот базарда.

Басан келди айылга
Белсенип чөп чабууга.
Хасан келди калаага
Белен оокат табууга.

## ИТТИН ИШИ

Иттер алат ырахат абаласа.
Ишсиз калган бирөөнү табаласа.
Ит кубанат — иттерди араласа
Ит таарынат — иттери карабаса.

## ТАҢЫМ БАР

Билимсиз деп эсептебейм мен сени
Бир топ эле кубаттады эл сени.
Талпынсаң да табаласың каяктан
Тагдыр сага бербей койгон нерсени.

Кымыз дебейт кантсе дагы чалапты
Кызарганча шилтесең да калакты,
Кыйын ашыш, өркөчүнөн толкундун
Кыйла-кыйла койсо дагы талапты.

Бийик дебейм, жапыз дебейм мен сени
Бир топ эле сүрөп көрдү эл сени.
Талап кылып жаткандарга таңданам
Тагдыр сага бербей койгон нерсени.

## МАНДЕМДҮҮ ЫРЛАР

Таанымал... стакан үнү шыңк этип
Тамактан жүз грамм өттү кылк этип
Манаттай ачылган ырдын гүлдөрү
Мас болуп кулады дароо шылк этип.

## ҮЛГҮЛҮҮ ЭРКЕК

Өзү эле жасап тамакты,
Өзү эле жууйт табакты.
Таптаза кылып полун жууйт,
Тамак жеп бүтүп колун жууйт.
Килемдин чаңын каккылап,
Кирлерди болсо сонун жууйт.

Кызматта бекем болоттой,
Кыялы жумшак жомоктой.
Айлыгын үйгө ар дайым,
Апкелет дешет коротпой.

Үлпэткө чачпай тыйынды,
Үйүнө мүлкү жыйылды.
Кийимин өзү үтүктөйт,
Ким көргөн мындай кыйынды.

Үй оокат анын жонунда,
Үтүгү түшпөй колунда.
Урушпайт такыр эч кимди,
Ушундай эркек сонун да!

Көрүптүр кимдер мындайды,
Көшүлө бербей тыңдайлы.
Айрыкча эркек деп жүрсөк,
А көрсө, бойдок турбайбы?

## ЖАЙ АЛБАГАН ЖАЗМАКЕР

Ыркыратып терме жазып, ыр жазып,
Ыгы келсе ызырынып сын жазып.
Элдир селдир чымының бар болсо да,
Эч нерсени берелексиң тың жазып.

Караманча калпты жазып каратып,
Калем чийет көчөдө да баратып
Баа жетпеген эмгек жазып койгонсуп,
Басмалардын бардыгына таратып.

Энекеңдин чачы куудай агарды,
Элдер сурап... эки бети карарды.
Айлап-жылдап алалбады өзүңдөн,
«Аманмын»! — деп жазган бир ооз кабарды.

Эртең менен тура калып сын жазган,
Эшке чыгып келер менен ыр жазган.
Эгер жазган саптарына төлөсө,
Энесине кат жаадырмак тынбастан.

## ҮЛГҮРГҮН ЖАКШЫЛЫК ЖАСООГО

Айрымдар кездешет эсирген.
Албайлы эсесин жесирден.
Адамдын айкөлдүк белгиси
Адашкан пендени кечирген.

Айбан да кезиксе жолуңан
Акырын сылап кой жонунан,
Ар дайым жакшылык жаратуу
Ар кимдин келбейт го колунан.

Айтканга көңүл бур ынагым,
Ачууңа жеңдирбей чыдагын.
Айбандык сезими жоголсун.
Акырын маңдайдан сылагын.

Мүнөзү оңолоор жакшырып,
Мүргүтүп салбайлы жапшырып.
Жамандык жосунга ашыкпай
Жасайлы туугандар жакшылык.

Бирөөнүн кайгысын бөлөлү
Бүгүлтпөй, колтуктап көрөлү
Жашыган жетимди сооротуп
Жакшылык кылууга көнөлү.

Өткөндү эстесең чеги жок
Өчөшпө кек сактап, эби жок.
Жалындуу макал бар элимде
«Жакшыда ачуу бар, кеги жок».

Укурук табылат азоого.
Умтулсак кең пейил жашоого.
Үгүттөйм карынды, жашыңды
Үлгүргүн жакшылык жасоого!

## СӨӨЛӨТТҮҮ КОЁН

Коён эч кимди калды карабай,
Кол берсең алик алганга жарабай.
А көрсө Арстан менен куда болуптур,
Анча-мынча кишилер менен
Амандашканды коюптур.

## КАЙЧЫЛАШ САПТАР

«Акылман!» дешкен кээси —
Азыраак экен мээси.

«Генийсиң!» дешкен кээси —
Кемирээк тура мээси.

«Бөтөнчө!» дешкен кээси —
Бөксөрөөк тура мээси.

## КЫЙГЫЛ САПТАР

Кара кызды —
Аппак кылган токчулук.
Аппак кызды —
Кара кылган жокчулук.

Кара кызды ашынтып,
Демеп турган барчылык.
Аппак кызды басынтып,
Ченеп турган тарчылык.

## ЖЕТЕКЧИ КОРОЗ

Мекиян, балапандар кирпич куюп,
Мээнеттен буттар талып, булчуң уюп.
Күркөнү салып жатты жапа тырмак,
Күн кактап дал төбөдөн, жамгыр куюп.

Ак короз бул иштерди жактап турду.
— Азамат! Барчыңдар! деп мактап турду.

Төгүлүп баарысынын маңдай тери,
Төбөдөн добул урду жаман жери.
Бири да четте калбай аракетте,
Бир топ күн өтүп кетти андан бери.

Алп короз иштеген жок, мактап турду.
Айрымдарын далысынан таптап турду.

Күркөнүн бүтөр кезин билип алып,
«Күжүрмөн» короз дароо кирип алып.
Эч кимди жолотподу аймагына,
Эшикти илгичинен илип алып.

Мекиян сыртта калды салган «тамды»,
Мээнеткеч балапандар унут калды.
Жетектеп тургансың деп курулушту,
Желпинип короз дагы сыйлык алды.

Күркөнүн чатырына короз конуп.
Күн сайын «ко-ко-локтойт» маашыр болуп.

Билерсиңер туугандар балким силер,
Бизде бар короз өңдүү жетекчилер.

## «АКЫЛМАН»

Чечендин баарын «мат» кылып,
Чекесин сыйпап каткырып.

Эселек эмес ал сендей,
Эсептейт өзүн Шаршендей.

— Түшүнбөйт мени али — деп,
Өз сөзүн өзү: — Бали! — деп.

Өз сөзүн — өзү жактырып,
Өзгөчө катуу каткырып.

Ыржайып мага кезигип,
Ыкшыды боору эзилип.

Кеп уккан жокмун куйкумдуу,
Келтирди кайра уйкумду.

«Акылман» жүрөт жайнаган,
Арманы ичте кайнаган.

## ТЕПСЕЛГЕН УЯ

Тепселип уя дагы,
«бала» дагы,
Телмирип
чымчык ыйлайт талаадагы.
«Телибай»
чырпыктарын бутап жатат,
...Теректердин орду да жок абадагы...

## АЙБАНДЫК

Азды билдик,
көпкө жетпей чайналдык,
Арзаныраак сезимдерге байландык.
Ааламдагы коркунучтун чордону,
Адамдардын ичиндеги айбандык.

## ЭРЕГИШКЕН ЭРГЕЖЕЛ

Өчүп калат,
Желпип койсо.
Өлүп калат,
Чертип койсо.

## АЧЫК СӨЗ

Карматпаган шумкардан,
Карга жакшы колдо турган.
Караны жок тулпардан,
Качыр жакшы жолдо турган.

* * *

Бирөө жүрсө,
Көбалбай, кутуралбай.
Бирөө жүрөт,
Ал жосундан кутулалбай.

* * *

Терек бетин сомдоптур,
Атын жазып «Акмат» деп.
Бирөө кайра оңдоптур,
Бир тамгасын «Акмак» деп.

## ТЕТИРИ

Айтканы менен — жасаганы тетири.
Ар кимдерге —тийди далай кесири.
Мүнөзүнө койдум таза туюнбай,
Жашаганы — жасаганы бөлөкчө,
Бир сөз менен Түндүк-Түштүк уюлдай.

## БИР СҮРӨТ

Атынын такаларын шыңгыратып,
Акылман-буурул тарткан саамайларын,
Айдоодо арабасын кылдыратып.
Жулик турат тигинде менменсинип,
«Жигулинин» ачкычын шылдыратып.

## КАРА КАР

«ТЭЦ» тынымсыз бурулдатып түтүндү,
Тегеректи тегиз ыштап бүтүрдү.

Кара түтүн каршы-терши таралып,
Калаа үстү кабак бүркөйт карарып.

Жааган ак кар — жерде болду кара кар.
Жаратылыш болгонсуду жарадар.

Жердин бетин булгай берүү, чынында,
Элдин бетин кирдеткенге барабар.

## АЧЫК СӨЗ

Арпанын
Кылканындай жайкаласың,
Алагүү
Болуп алып чайпаласың,
Ай-жылдап
Ичсе дагы түгөнбөгөн
Арактын
Заводундай байкаласың.

Кээ кезде
Ырсаландап кезигесиң
Кечээги
Сөздөн баштап эзилесиң.
Пикирим
Сен жөнүндө момундайча:
Пивонун
Заводундай сезилесиң.

## ӨЗГӨРҮЛМӨ ЖЕТЕКЧИ

Сөзүң болсо
Баарынан чеченирек
Өзүң ишке
Келесиң кечеңирек.

Өзгөлөргө
Адамсың тумсагыраак
«Өйдө жакка»
Мамилең жумшагыраак...

## АЧЫК КЕП

Табият
Бербеген соң бир аз мыдыр,
Тасмадай
Баскан жолуң болбойт шыдыр.
Қол жеткис
Бийиктикке чыгалбайсың
Қокустан
«Қолдосо да сени кыдыр».

## БИР СЕЛКИ

Андан ашкан таппайм сылыкты
Адеби бар, асыл кылыктуу
Бий жагынан алдыга салбайт
Бирок дагы...
эмес туруктуу...

## КОРОЗДУН ТҮШҮНҮГҮ

Ашык болуп кожоюнум үнүмө,
Анан дагы алтын түстүү жүнүмө,
Андыктан алпештеп
Дан чачат дейт күнүгө.

## БЕЛГИЛҮҮ БЕКЕРЧИ

Бир жалкоо чыккан дейт элимден,
Бүтүндөй бекерге берилген.
Оозуна тамакты куйсаң да
Ошону жуткандан эринген.

Жатчуу дейт тандан-кеч эринип,
Жанындай уйкуга берилип.
Акыры өлгөн дейт. Себеби —
Дем албай коюптур эринип.

## «ГЕНИЙ» ДЕЛЕ АДАМ ОКШОЙТ

Көбүрдү
Көкөлөдү кызып алып
Көк менен
Жөнөдү бейм сызып алып...
...Көрсөк ал
«Гений» деле адам окшойт
Көчөдөн
Келатканын көрүп калдым
Көмөчтү
Колтугуна кысып алып.

## ЧЕНГЕЛИНДЕ

Жөтөлү басаңдабай
Ыкшып келет.
Жөн турбай
колуна таш
Мыкчып келет.

Олчойгон
Чоң таш турат чеңгелинде.
Он кило
тартып көрсөң
Эң кеминде.

## БИЛИШЕТ

Бири билбейт
Торгойдой ырдаганды.
Бирок баары билишет
Торгойду сындаганды.

## АНЫН ДА

Таңшыса булбул таңында.
Айкырды качыр
Анын туруп жанында.
Мактангысы келет,
Даңктангысы келет —
Анын да.

## ЭҢ КЫМБАТ МЕЙМАНКАНА

— Эң кымбат
мейманкана кайда?
— Эс алдыруучу...
жайда!

## «ҮМҮТКӨР»

«Гүлдөтүп» бирөө жүргөндө,
Күн чыкты дейсиң —
күлгөндө.
Алперген сайын жактырып,
Акчасын толук кактырып.
Кай күнү калба жолугуп,
Каңкуулап турат оолугуп,

...Бир күн көрүп жалт эле,
— Бирдеме ал! — дедим калп эле.

Тыйынын санап битирец,
Тыпырай түштү...
титиреп...

Азыраак басып жанаша:
— Айтканмын дедим тамаша!

— Ачылып кайра,
кул — дедим,
«Айтылуу жерге»
жүр! — дедим

Кайбарым муну жактырды,
Карсылдап катуу каткырды.

* * *

«Менден башка акын жок!»
Дегиси бар.
Мээлейин чечпей,
Беш бармак жегиси бар.

* * *

Эл күйүнөт:
— Жамгыр жок болот деп кургакчылык.
Соодагер сүйүнөт:
— Жамгыр жок болот деп, кургакчылык.

## «СЫНЧЫЛАР»

Өзү шордуу
Чыкпай жатып «кылтактан».
Өзгөлөргө
«Ичкичсиң» деп сын таккан.

* * *

Эки күнү ичпей калса семирип,
Эрдемсинип, аргымактай элирип.
...Башкачараак «комузуна кыл таккан»,
Башкаларды «алкаштар» деп сын таккан.

* * *

Оюнда жок өзүндөгү чекилик,
Он күн бою жатып ичип бекинип.
Баш оорусу бастаар замат өзгөрүп,
Башкаларды «ичкич» деген жекирип.

* * *

Ырахмат Ырларымды
Окуганыңыз үчүн.
Ырыстуу дандарын
Чокуганыңыз үчүн...

* * *

Багытын
Өзгөртсө да дайранын.
Башын төмөн
Салаңдатпасын байрагың!

## ШЕКТҮҮРӨК

Түп жагы тектүүрөк...
Түлкүдөн эптүүрөк...
Жаланат башкача
Жашоосу шектүүрөк...

## ФИЛОСОФ КОРОЗ

Бул окуя жалгандыр же аныктыр:
Бир жаш короз ойчул болуп алыптыр.
Балапандын жаралышын билүүгө
Барсылдатып жумуртканы жарыптыр.
Балапандар «чарайнада жайралып»
Баш айланткан «изилдөөнүн жемиши»
Баары тегиз омлет болуп калыптыр.

## ЖАНЫТМАЛАР

Жаңыл дүкөнгө барыптыр,
Жаңы сүт сатып алыптыр.
Бышырганда ал сүтү
Быштак болуп калыптыр.

Дүкөндөгү тараза,
Дүкөнчүгө жараша,
Каймак го деп алганы
Айран экен караса!

Таразабыз жем тартат.
Тартынбастан «тең» тартат.
Кампачыга жакынсып,
Кардарларга кем тартат.

## КОЙ СОЮП БӨЛГӨНДӨ

Башын — башкарма алды.
Жамбашын — завферма алды.
Кар жилигин — кампачы алды.
Учасын — учётчик алды.
Койчу болсо — шыйрак, боор,
Ичегисин алды.

Какылдап күн-түнү үргөн.
Карышкырдан кайтарып жүргөн.
Кабанаак кара дөбөткө,
Какыраган сөөктөрү калды.

## БИР КҮНДҮК ЧОҢ

Чакыруу келип алыстан,
Жыйынга кетти арстан,
Ордуна коюп түлкүнү.
Ой, көрдүк, анан күлкүнү;
Булгалап өйдө
Куйрукту,
Жаадырып кирди буйрукту.

Коёнду дароо жакалап,
Корозду, тоокту такалап.

Бөжөк менен кирпиге,
Бөтөнчө тийди шапалак.
Асманга серпип куйрукту,
Аюуга берди буйрукту.

Калганга жолу оң болуп,
Кабагын бүркөп, тоң болуп.
Түндүктөн түшө калгандай,
Түлкүнүн баары чоң болуп.

Бийликтин көрүп пайдасын,
Кетирди жандын айласын.
Айбандар кирди шолоктоп,
«Арстан байке, кайдасын»...

Ансайын жасап тетирди,
Аябай алсыз, жетимди.
Алалек өчү барчылап,
Айланы такыр кетирди.

Катуу үн чыгып алыстан,
Кайтканда үйгө Арстан,
«Мыктыбыз» дешкен түлкүлөр,
Мышыктай жоошуп калышкан.

## КАЙСЫ БИР КАРЫЛАРГА

Калкымда сыйлуу карылар,
Кадыры дагы, ары бар.
Кам көрүп өкмөт, партия,
Каалаганын баары бар.

Жалпысы сонун карышат,
Жардамга дагы барышат.
Айрымы бирок көп сүйлөп,
Акылман болуп алышат.

«Ляктын жайы момундай,
Быяктын жайы момундай»,
Аксакал өзүн эсептейт,
Акылдын залкар томундай.

Улууну кантип кагасың,
Унчукпай оозун жабасың.
Ал жериң ката деп койсоң,
Ашынган душман табасың.

Акылдын кенин тапкансып,
Ааламды тегиз баккансып.
Иңирин жоюп тарыхтын,
Ильичтин шамын жаккансып.

Акылын төгөт чоштоюп,
Ансайын көзү тостоюп.
Күлкүдөн ичим бүлкүлдөп,
Сыртыман турдум мостоюп.

Анык деп башты ийесиң.
Аңкоонун кейпин кийесиң.
Аарылар турган уюкка,
Айтыша кетсең тийесиң.

Кагасың кантип, «сиз» дейсиң,
Катуулап ээрдиң тиштейсиң.
Калп эле «ооба, макул» деп,
Каалаган ишиң иштейсиң.

«Илимге мыктап канасың»,
Ичиңден күйүп жанасың.
Башыңды ии деп ийкей бер,
Балээге такыр каласың.

Ыраазы болуп «макулга»,
Ал кетет шиpeп акылга.
Мээримин төгүп келүүгө.
Мээ жактан да бир жакырга.

Жалпысы сонун карышат,
Жардамга дагы барышат.
Айрымы гана жулунуп,
Оратор болуп алышат.

## «СОНУН ТҮШ»

Малдашты токуп
Көк майсанында Ала-Тоонун
Маңдайында жалама зоонун.
Керчөөдөн секин тиштеп
Кээде кызыл гүлдүн жытын искеп,
Улуу-кичүү баарысы
Урматташып «сиз» деп,
Аңгыча айдай сулуу кыз
«Агай!» — деп
Атайлап келди мени издеп.

Менин болсо
Башыма бакыт үйүлүп
Булчуңдарым
Аскадай болуп түйүлүп,
Албан-албан иштерди
Аткардым чарчап-күйүгүп.
Апаппак селки
Аларга турду сүйүнүп.

Тоодой-тоодой жумушту
Токтолбостон аткарып,
Топон болуп алкыш жаап
Толгон токой акча алып,
Кызыл туудай желбиреп
Кыргыздан ары макталып.
Менчиктей минип «Волганы»
Мекемелерди башкарып.

Даай албай менин чениме,
Далайлар жүрдү кыйналып.
Кадырлап турду өзүмдү,
Калайык күндө жыйналып.
Жылдызга жетип атагым,
Жылмайып турдум сыйланып.

Ак чыны болуп колумда
Ак моюн толуп жолумда
«Амандык үчүн!» көтөрүп
Албырып туруу сонун да!

...Аңгыча чочуп ойгонуп,
Айламды таппай ойлонуп,
Темтейип башым көтөрсөм
Терезе турат тордолуп.

— Барсыңбы, бирөөң, кайдасың?
Башымдын кантем айласын?
Милиция жигит баш багып
Честь берип, күлүп, каш кагып:
— Соолуктурчу жайдасың!

— Досторум, эми кайдасың?
Коштоорум, эми кайдасың?
Отуз сомду табалбай
Оорунун издеп айласын
Көрөңгөлөш достордун
Көрөмбү деги пайдасын?

## КЫШ КАПААТЫ

Зарылтып кыш чөйрөнү камап турган
Заары бар тили менен жалап турган.
Кейпинен кете түштүн кыздын өңү
Кейиштүү көрүнүштү карап турган.

Камышты капшырылта бүктөп турган
Канаттуу нерселерди жиктеп турган.
Кабырга сөгүлгөндөй боло түштү
Капаттуу окуяны тиктеп турган.

Кез келсе жообун алат жектегендер.
Кез келсе жообун алат бүктөгөндөр.
Канткенде унтат ушул жосундарды
Карегн канга жуулуп тиктегендер.

## КӨМӨЧ КАНТИП ТУТУЛДУ

Адегенде Чычканбаевага жолукту
Ал болсо, албырган келбетине оолукту.

Ак саргыл неме арбайын деп жутунду
Амалкөй неме опоңой эле кутулду.

Андан соң Коёнбаевага жолукту
Ал дагы ажайып чырайына оолукту.

Кош билек баатыр кокустан жутунду
«Кокуйлап» качып андан да кутулду.

Андан кийин Бөрүбаевге жолукту
Алкы чоң неме арбоого оолукту.

Ач карын неме айкырып жутунду
Андан араң зорго кутулду.

Алыстан күркүрөгөн үндү эшитти
Аюубаев деген алп немеге кезикти.

Аюубаев аны алсам деп тооруду
Акыры жетпей калып, үмүтү соолуду.

Акырында келип Түлкүбаевге жолукту
Ал болсо мактоодон баштап,
май көмөчкө оолукту.
Түлкүбаевге алданып, түбөлүккө тутулду
Түкөндүн курсагына
бүкүлү бойдон жутулду.

## ЧАБЕНДЕС

Окууну таштап окубай —
Ай сайын орун которуп
Ар кайсы ишти чокумай...
Эне-атанын мойнуна
Эбактан минип алыптыр
Ээрди деле токубай.

## ЖАНДИМИ

Жандими
жагалданып, сопусуна
Жанчат ээ,
колго түшсөң,
сокусуна.
Алданып амалына
мойнун тоссо
Ал анда
дароо чыкмак чокусуна

## ТАШ ТАБАЛБАЙМ СЫЙПАЛАП

Жогортодон кеп салган,
«Жолдошум жайнайт»,
деп салган.
Үтүрөндөп бакырып,
Үй-бүлөсүн жеп салган.

Үстү жактан кеп салган,
«Үйлөйм баарын» деп салган.
Арыз жазып отуруп,
Айыл ичин жеп салган.

Жазыксызды уйпалап,
Жалыны жок куйкалап...
Таз чокуңду жарганга,
Таш табалбайм сыйпалап.

## «ТАНДАЛМАЛАР»

Бириңер
Бириңерди сөзгө каарып
Билерман —
Билермандарды түшөт таарып.
Байкасаң
Мыктысынат өздөрүнчө,
Баарысын
«Кеткен өңдүү кыдыр даарып».

## ЖАЛГЫЗ ШЫМЧАН УЧУРЛАР

Эки студент
Чайкап салып шымдарын
Экилентет
Гитаранын кылдарын.
Шибегедей
Күндүн нуру тепчилип
Шимип жатат.
Жайган кирдин нымдарын...

Бир аз жата туралы деп
Минутка...
Экөө уктап.
Шымдар калып унутка.

Эртесинде
Дамбал менен калышты.
Эки шайдоот
Мурду тийген булутка.

Гитаранын
Өзү тургай кылы жок.
Кийерине
Байкуштардын шымы жок.
Жакшы бүттү
Бул окуя чыры жок.
Жатакана
Бирок калды ыры жок.

## КУР УБАРА

Тарбияң жетпейт, чунагым,
Талаага кетет убагың.
Жумшаган ишти аткарбайт
Жулуп алсаң да кулагын.

## КӨНҮШ КЫЙЫН ТАРТИПКЕ

Текшерүүчү келем деп,
Текшибиз күттүк элеңдеп.
Сарайды күндө тазалап,
Сары май камдап белендеп,
Күн сайын ишке кечикпей
Күтөбүз дале элеңдеп.

— Текшерүүчү кайдасың?
Телмиртип алыс жайдасың.
Тартипке мындай көналбай
Таппайбыз жандын айласын.

## «ТАРАНЧЫЛАР»

Жазгы турум. Уйку көрбөй талаалап
Жай алалбай айдоо айдап, малалап.
Эргул анда басып жүрдү сейилдеп.
Эки колун аркасына салаалап.

Жай чилдеде тыныгуу жок калкымда
Жаңы жумуш улам иштин артында.
Эл арык чаап, суу сугарып жүргөндө
Эргул жатты көлөкөлөп салкында.

Опол тоодой алкыш менен сыйланып,
Орум-терим бүтөөр кезде жыйналып.
Эми келди «таранчылар» кырманга,
Элден артык иштегенсип кыйналып.

## КЫЗЫЛ ЧАЙ

### I

Чаңкоону ар убакта кандырат чай.
Чай ичсең, денең балкып көңүлүң жай.

Арак эмне жыттуубу инди чайдан?
Арактан кайсы болду тапкан пайдаң?

Түк дагы мас болбойсуң кызыл чайга,
Түшүрбөйт соолуктуруп берчү жайга.

Илкитет, шордуу кылат арак кайран,
Ичпесең жөн күнү да жыргал, майрам.

### II

Ким да болсо мындай ишти жактамак.
Кирип барсаң чайын сунат ак тамак.
Мындай чайды Мидин дагы жактырып,
Мындай чайды Омар Хаям мактамак.

Арам кылып өткөрбөстөн убакты,
Алаласың жыттуу чайдан кубатты.
Айдай берип койлоруңду жайытка,
Алыш бойлоп уланта бер сугатты.

«Арак суусу» агып турган булактап,
Айлыбыздан сүрүлүүдө ыраактап.
Чачыратып чындык күнүн төбөдөн,
Чай ичирген мезгилине ырахмат!

## КӨНҮМҮШ

Алыс жүрсө «Сиз дешмей»,
Алоолонуп, издешмей.

«Кел бачым!» деп «кишенеп»
Кете жаздап тизелеп.

Жакын жүрсө тебишмей,
Жаман сөздөн себишмей.

Эрегишмей «сен» дешмей,
Эртесинде элдешмей.

## БИЛИП КОЙ

Жашоодо урунасың, кагыласың,
Жакшыга, жамандыкка кабыласың.
Эгерде турмуш жалаң шаттык десең
Эселек, анда катуу жаңыласың.

Жакшылык — жаман менен кезектешип,
Караңгы — жарык менен кезектешип.
Өткөргөн бош күнүңдү сайран куруп,
Өмүрдөн алат тагдыр эсептешип.

Кылымдык жүрүштөргө камданасың,
Кыялкеч санаа менен шанданасың.
Бийлөөнү бийик максат эсептесең,
Билип кой, түбөлүккө алданасың.

Билбейсиң кантип карып калганыңды,
Билинбей алтымышка барганыңды.
Бекерге жашап өтсөң өмүрүңдү,
Бечарам, ким тыңшамак арманыңды.

## ЖАШАШ МҮМКҮН ТУРБАЙБЫ

Дары көрүп даанышмандай сыйлаган
Далай жылдар «курбум болдуң кыйбаган».
Даамын татып алган кезде далдырап
Далай жолу датым айтып ыйлагам.

Сенин кылган кесепетиң сансыз да,
Сен деп жүрүп шерлер калган нансыз да.
Желкесине минип алдың далайдын
Жетпей турса жашоо шарты ансыз да.

Өнөкөттү биротоло тыялбай
Өзүм жүрсөм октос берип кыялбай,
Алынбаган өчү бардай атаңдын
Алигиче акмалайсың уялбай.

Женди түрүп, терин аарчып чекенин
Байкап көрүп басмайылдын бекемин.
Азыр билдик. Айыккандай илдеттен —
Ансыз деле жашоо мүмкүн экенин.

## АДАМДЫКТЫ УНУТПА

Кийимдин кийип алып самтырагын,
Кир басып тышта калдың тантырагым.
Унутуп коюптурсуң,
байкап көрсөм,
Укмуштай колдоруңдун калтырагын.

Жалдырап мусапырдай болгонуңду,
Жабыркап кышкы суукта тоңгонуңду.
Жаткырбай агаң дагы,
иниң дагы,
Жалынып биздин үйгө конгонуңду.

Ошончо жеңилсиңби, чаласыңбы?
Оштонуп, баарын унтуп каласыңбы?
Жазалбай дарттуу башты ыйламсырап,
Жалдырап келгениңди танасыңбы?

Эстеби күздүн жааны чоргологон,
Ээ бербей этек-жеңден шоргологан.
Сепейген менин чакан бөлмөм эле,
Сен анда баш калкалап, коргологон.

Санабайм,
доолабаймын бергенимди,
Салбырап
«карыз сурап» келгениңди.
Анан да бир кишиге айткан жокмун,
Аңгектен бош бөтөлкө тергениңди.

Бала жок.
Аялы жок колоктогон,
Байкушум байпагы жок сороктогон.
Басынган мезгилиңди унуттуңбу?
«Байкебай ит болдум» деп шолоктогон.

Аябай бийик окшойт тиренгениң,
Айрыкча таң калтырды чиренгениң.
Баарысы унутулуп калган окшойт,
Баягы жармач кезиң, тиленгениң.

Таштаган аял дагы, бала дагы,
Таранчы сыяктанып талаадагы,
Жалгыз гана терезе мени ки эле
Жарык чачкан сен үчүн калаадагы.

Кебетең эсиңдеби кыш күндөгү?
Кешпириң эсиңдеби күз күндөгү?
Кирилдеп үнүң чыкпай көптөн бери,
Киймиң жок үйрүп алаар үстүңдөгү.

Бутунда импортуң жок карчылдаган,
Батиңкең кайыш менен арчындалган.
Каргыштын чеңгелинен бошоналбай,
«Кантем» деп кар түшкөндө калчылдаган.

Калыптыр алигиче көңүлүмдө,
Кайсалап көйнөгүң жок өңүрүңдө.
Унчукпай бүт кийимиңди жаңыласам,
«Унутпайм деген элең өмүрүмдө».

Сен менен сер талашпайм тамандашып,
Сезимге так түшүрүп жамандашып.
Короздой басып кеттиң коколоктоп,
Койбостон адам сындуу саламдашып.

Эч кимдер таңсык эмес саламыңа,
Эсенсиң.
Кубанамын аманыңа.
Тааныбай, билбей кетсең өкүнбөймүн,
Тагдырым кубат берсин каламыма.

Жоругуң санай берсе кап-кап болуп,
Жосунуң жазып келсе сап-сап болуп,
Эми чыга келипсиң аппак болуп,
Элдин баары келесоо, акмак болуп.

Байкабай, ким жасабайт чабалдыкты,
Башынан ким өткөрбөйт жамандыкты.
Эгерде айтканымды кабыл алсаң:
Эч качан унутпагын адамдыкты!

## ЫРЧЫЛАР

Айкырып
Ырдаганын эшек бүтүп
Артында
Качыр турат кезек күтүп.

## КАРЕКТИН МИЛДЕТИ

Каректи берген табият:
Дүйнөнү таанысын! — деп.
Жакшылап билип алсын.
Жакынын, алысын! — деп.
Жарыкка кубансын! — деп,
Карага наалысын! — деп.

## КИМГЕ ЭМНЕ КЫЙЫН

Оңой эмес тоо болуш!
Андан кыйын зоо болуш!
Ага кыйын —
баарынан —
Бир күн кечке соо болуш!..

## ТААРЫНГАН КОРОЗ

Таптакыр
Калсын деп күн чыкпай,
Таарынып,
Жатып алды унчукпай.

## БИЗДИН ЖЫМЖЫРТТЫК

Азыркы элдин мууну:
Жоготуп койдук көптү,
Тиктебей калдык көктү,

Жыттабай калдык чөптү,
Тыңшабай калдык сууну...
Бейкут деп эсептейбиз
Биз көнгөн ызы-чууну.

## АЛЧА МЕНЕН ТЕРЕК

*Салижан Жигитовго*

Жагалданып чынар терек сымбаттуу
Жалбырагы асыл заттай кымбаттуу.

Көргөзмөгө коюлгандай тандалып
Көргөн адам көзүн албайт таңданып.

Жалбырагы керимселге жайкалбай
Жан жагында алча турат байкалбай

Көктү карай сунган эмес төбөсүн
Көтөралбай турган чагы мөмөсүн.

Терек бийик адегенде көргөндө
Алча бийик мөмөлөрүн тергенде.

## КОШ КОРКУНУЧ

*(тамаша)*

Аныктап мурда күнү уктум элден
Апкаарып жүргөнүңдү чочуп менден
Жалаңгыч көргөн өңдүү түшкө кирип
Жалтанып коркуп жүрсөм өзүм сенден.

## ТҮНӨРГӨН ТОЙ

Үстү жагы
Қара булут чүмкөнүп
Үйдүн ичи
Дайым турат бүркөлүп.

Селт! эттирип
Стакандын шаңгыры
Себеленет
Ачуу жаштын «жамгыры»

Көөдөй түстүү
Стакандар кагылган...
Көнүмүштөй
Учуп турат чагылган

Қургак токоч
Шалдырак суу тамагы
Қумсарат үй
Түнөрүүдө кабагы.

Ушул үйгө
Күндүн нуру тийелек
Улуу кызы
Бүтүн кийим кийелек.

Күн булуттан
Көрүнөбү кылтайып
Күйүп бүттү
Эрди-катын тыртайып.

...Күн жарк! этип
Чыгар бекен булуттан
Күйүттөрдү
Ким куткарат унуттан.

## КОКУСТАН ЭМЕС

Жолуктук
Бийиктен эмес, жапыздан эмес.
Кездешүү
Кокустан эмес, капыстан эмес.

Кептериң
Калемпир эмес, шекердей эмес
Кантсе да
Жүздөшүп калуу, бекердей эмес.

Жашыбыз
Кырк бештен ашкан, отуздан эмес
Жолугуу
Жөндөн-жөн эмес, кокустан эмес.

## АЧЫЛГАН АЛК

Томпойдой алтын шакек салаасында
Эмне өспөйт он тешедей талаасында
Соолугур, келин-уулун тимеле кой
Соода кыл дейт үч жаштагы баласын да.

## ЭРГУЛДАР

Бирин-бири
Келтире таякташып,
Бир замбилде
жатышат аякташып.

* * *

Кабинетке эл киргенде сумсаясыз.
Кар жаагандай кабакка кумсарасыз.
Качан гана жүз грамм жойлогондо,
Каткырасыз, былпылдап жумшарасыз

## ЖАПАЙЫ

Жакынын, тааныштарын кылган баргыс
Жанашпай бир кишиге жашайт жалгыз
Жапжалгыз керт башынын камын ойлойт
Жашоосун ошондойдун урсун каргыш!

## КЫЙЧАЛЫШ

Бөтөлкөнүн баасы 20 тыйын
Бөтөлкөнү өткөрүш
20 сом тапкандан да кыйын.

## ЖАРАКСЫЗ

Калгандан бери —
Араксыз.
Калчылдайт —
Ишке жараксыз.

## ЖУТТАР

Көрүнүп
Алсыз буттар
Көк дүкөнгө жакындап
Барат жуттар.

## «ХАН» АКЫН

Арабызда «акындардын ханы» бар,
«Ай-ааламга» аты чыккан жаныбар.
Айтканына кулак түрүп отурсаң,
Анын гана сотосунда даны бар.

## ДҮЙНӨЛҮК ЖИГИТ

«Дүркүрөп,
Алоолонуп күйөм!» — деди
«Дүйнөдө
Бүт сулууну сүйөм!» — деди.

* * *

Койлор баскандан жадашты,
Койчунун башы адашты.
Караңгы кирип аңгыча,
Карышкырлар камашты.
«Эмнеге койлор баспайт? —» деп
Эң алдыда бараткан
Эркечти сабашты.

## АЙЫПТАГАН АКЫЙКАТ

Акыйкатты жөлөбөй, жөлөрүндө
Ала качты карегин, көрөөрүндө
Амалсыздан чындыкты тиктеп турду
Амал кетип, алсырап, өлөөрүндө.

## ГОРИЗОНТ ДА АЛЫС ЭМЕС

Тагдырың ар убакта калыс эмес
Таланттуу кимге гана карыз эмес
Көшөргөн кара жумуш-жазуучулук
Көңүлдү көкөлөткөн жарыш эмес.
Селсаяк таягы бар, жылаңайлак
Сен үчүн горизонт да алыс эмес.

## КЫЛТ ЭТКЕН САПТАР

Шумкардын иш эрмеги —
Чымын болуп калыптыр.
Шумпайдын иш эрмеги —
Чылым болуп калыптыр.

Алп теректин коңшусу —
Чырпык болуп калыптыр.
Алп бүркүттүн коңшусу —
Чымчык болуп калыптыр.

Асыл заттын коңшусу —
Тезек болуп калыптыр.
Аргымактын коңшусу —
Эшек болуп калыптыр.

## ДАРТЫҢДАН КАНТИП ДАРЫЛАЙМ

Келесиң секет ашынып,
Кез келген жерге кашынып.

Кетесиң бирде кырданып,
Кебетең бузуп, сурданып.

Дарылайм кантип жооруңду,
Дардактап кетмей ооруңду.

## МАЗМУНУ

Жаздын деми . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Айкын саптар . . . . . . . . . . . . . . . . . . 49
Оттуу сезим . . . . . . . . . . . . . . . . . . 97
Ой тобо . . . . . . . . . . . . . . . . . . 129

*Турар Кожомбердиев*

ВЫСОКИЕ ВЕРШИНЫ

Стихи

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензенти филология илимдеринин
кандидаты *С. Жигитов*
Редактору *Т. К. Ташматов*
Сүрөтчүсү *А. Ерошенко*
Худ. редактору *С. Ямгырчиев*
Тех. редактору *С. Чотиев*
Корректору *Б. Сатыбалдиева*

ИБ № 3770

Терүүгө 29. 02. 88. берилди. Басууга 3. 05. 88. кол коюлду. Д—05819. Басмаканалык № 1 кагаз. Жөнөкөй жаңы ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $70 \times 90^{1}/_{32}$. 5,5 физ. басма табак, 6,43 шарттуу басма табак, 6,993 учёттук табак, 6,503 боёк түшүрүү. Тиражы 3000. Заказ 51. Баасы 70 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.